

7 Казак-кыргыз бир тууган, арам сотту ким тууган?



9 Табияттын эл билбеген коздугун көргөзөбүз


# САРЕСЕП

17-март, 2016-жыл
№10 (43)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Мамлекеттик экстремизмби?

3-бетте



Орустар Сирияда экономикалык максатына жеткен жок

4-бетте



Көктөмдөгү көк бөрү

13-бетте

## Президенттин мураскору



5-бетте




**НУР CATERING**

**1 кг. аш 900 сом**

*Адал, даамдуу* жана *арзан* тамак жеткирип берүү кызматы!

*Шорпо, Солянка, Рагу, Тефтель, Ганфан, Долма, Лагман, Дымдама, Куурдак , Аш, Манты, Котлет, Бифштекс, Гуляш гарнирлери менен* 99 сомдон

0 558 70 50 66

БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ЖЕТКИРҮҮ АКЫСЫЗ

# Кайгуул милициясынын камерасы 8 саат иштейт



16-марттагы пресс-конференцияда ИИМдин башкы штабынын начальниги Бактыгул Абжалиев: "Нөөмөт милициясы кызматкеринин төшүндө илинген видеокаттагыч тынымсыз 8 саат бою болгонун-болгондой тарта алат", - деди.

Ошондой эле ал видеокаттагычтар жол коопсуздугун камсыз кылыш үчүн сөзсүз түрдө милдеттүү экипировкага киргизилет деп кошумчалады. Өз нөөмөтүнөн кийин кызматкер видеокаттагычты өткөрүп берет. Аларга атайын кошумча батарейкалар да сатылып алынат. Видеокаттагычтын эс-тутуму 12 саатка ылайыкташтырылган.

Видеокаттагыч жерге кокусунан түшүп кетсе сынып, чачырап кетпейт. Нөөмөт кызматкерлерине мындай аспап атайы келишимдин негизинде берилет. "Эгерде бузуп ала турган болсо, аны үч эселеп төлөп берет", - деди милициянын офицери.

2016-жылдын 1-апрелинен тартып кайгуул милициясынын бөлүктөрү Бишкек шаарында, Чүй жана Ысык-Көл облустарында иштеп башташат. Ал эми калган аймактар кийинчерээк кошулат.

Аталган бөлүкчө жол эрежесининин коопсуздугун камсыз кылуу максатында, ошондой эле коомдук тартипти сактоо жана кылмыштарды ачуу үчүн кызмат кылат.

Бир экипажда Патрулдук милициясынын үч кызматкери болот. Төш белгиси, видео, фото жана аудиокаттагычы бар ПМнын кенже инспектору менен аты-жөнү жазылган бейджиктери бар эки милиционер кызмат кылышат. ПМ инспектору Жол жүрүү эрежесинде (ЖЖЭ) кетирилген каталарды каттайт. Ал эми милициянын эки кызматкери коомдук тартиптин сакталышына көз салат.

Мындай экипаждардын кызматы үч нөөмөткө бөлүнүп ишке ашырылат. 102ге кабарланган кандайдыр бир маалыматтын негизинде тартип бузуу же ЖЖЭ бузулса жакын жерде жайгашкан экипаждар оперативдүү түрдө тигил же бул квадратты көздөй токтоосуз жөнөйт.

# Кыргызстан азык-түлүктүн теңин гана камсыздайт

Өкмөттүн маалыматына караганда, Кыргызстан өзүн дан азыктары, картошка, мөмө-жемиштер жана сүт менен камсыздайт.

Калган азык-түлүктүн беш түрү – мөмө, жер-жемиш, шекер, өсүмдүк майы, эт, жумуртка импорттолот. Бул туурасында өкмөт башчы Темир Сариев коалиция жыйынында билдирди. 2015-жылы бул азык-түлүктөр боюнча импорттун көлөмү 412 миллион доллар же болбосо жалпы импорттун көлөмүнүн 10,1 пайызын түзгөн.

Өкмөттүн негизги тапшырмалары – кайра иштетүү өнөр жайын жандандыруу, тамчылатып сугаруу технологиясын өнүктүрүү, логистикалык борборлорду түзүү, күнөсканаларды жана мал союучу жайларды куруу, айыл-чарба техникаларын лизингге берүү, үрөн чарбаларын жакшыртуу.

Бул тапшырмаларды аткаруу максатында 10 пайыздык жеңилдетилген насыяларды берүү үчүн быйыл 4 миллиард сом бөлүнөт.



# АКШ кыргызстандык тигүүчүлөргө жардам берет

Кийим-кечелерди экспорттоону көбөйтүү үчүн Америка Кыргызстандын жеңил өнөр жайына жардам берет. Бул туурасында АКШнын Кыргызстандагы басма сөз кызматы билдирет.

Маалыматка ылайык, USAIDдин "бизнести өнүктүрүү" долбоору Европа жана КМШ мамлекеттеринин дүкөндөрүнө жол ачуу үчүн 2014-жылдан бери кыргызстандык кийим тигүүчүлөргө жардам берип келет.

USAID 2015-жылдын февраль айынан бери чекене соода кылган чет элдик компанияларга жергиликтүү тигүү өнөр жайынын мүмкүнчүлүктөрүн тааныштырган кечелерди уюштурууда.

Чет өлкөлүк соодагерлер үчүн Кыргызстандагы тигүү тармагынын масштабынын чоңдугу, атаандаштык чөйрө, товар өндүрүүдөгү кылдаттык, чыгымдардын аздыгы жагымдуу таасир калтырган.



# Балбандар лицензия алуу үчүн Астанага барышат

Астана шаарында өтө турган Азия чөлкөмүндөгү грек-рим, эркин жана кыз-келиндер күрөшү боюнча таймашта 2016-жылкы Олимп оюндарына 36 жолдомо ойнотулат. Турнир 18-20-мартта өтөт. Ушул тапта Кыргызстандын курама командасы машыгып жатат.

Азырынча Кыргызстандын капчыгында Рио-де-Жанейро шаарында боло турган Олимпиада оюндарына 4 жолдомо бар. Алар Дарья Маслова, Юлия Андреева жана Мария Карабицкая (жеңил атлетика) жана Арсен Эралиевге (грек-рим күрөшү) таандык.

Кыргыз паралимпиадачылары Калиев Эсен менен Орозбаев Жыргал дагы пауэрлифтинг боюнча лицензияларды жеңип алышкан.





# Чех парламентинин делегациясы келди

Кыргызстанда кыргыз-чех бизнес форуму башталды. Ага Чехия парламентинин спикери Ян Гамачек баштаган делегация катышууда. Делегациянын курамында жети депутат, 10дон ашуун ишкер бар. Аталган делегация 16 – 17-мартта Кыргызстандын жетекчилиги менен бир катар жолугушууларды өткөрүп, эки тараптуу кызматташтык мамилелерди жандандыруу жаатында пикир алышат.

Мындан тышкары чех парламентинин төрагасы "Интергельпо" кооперативинин түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына катышат.

Коноктордун келиши менен Бишкектин борбордук көчөлөрүндө транспорт каттамдарына чектөө киргизилди.



# Иммигранттар жер-жерлерге бөлүндү

Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстерди тескөө максатында Өкмөттүн буйругу менен миграциялык квота аныкталды. Бул квота Кыргызстандын аймагындагы чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын санын 2016-жылга карата аныктайт.

Кыргызстан быйыл болгону 980 иммигрантты кабыл алууну пландайт.

2016-жылга карата Кыргыз Республикасынын аймактарындагы чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын миграциялык квотасы төмөндөгүчө:

| Аймак | Адам |
|---|---|
| Бишкек шаары | 550 |
| Ош шаары | 45 |
| Баткен облусу | 20 |
| Жалал-Абад облусу | 35 |
| Ысык-Көл облусу | 15 |
| Нарын облусу | 10 |
| Ош облусу | 45 |
| Талас облусу | 10 |
| Чүй облусу | 250 |
| Жалпы | 980 |

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 607**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Мамлекеттик экстремизмби?

**Өткөн аптада Жогорку Кеңештеги КСДП фракциясы өзүнүн депутаты Кыянбек Сатыбалдиев сунуштаган экстремизм жана террорчулук фактылары менен кармалган 14 жашар балдарды камакка алуу тууралуу мыйзам долбоорун жактырды. Мындан улам: «Башка бирөөнүн жетегине оңой эле кирген акыл-эси жетиле элек өспүрүмдөр соттоло баштайбы?» – деген суроо пайда болот. Суроого** «Саресеп» гезитинин башкы редактору Эсен Өмүракунов **жооп берди:**



– Ушуну эле күтүп тургансыган КСДП фракциясы өспүрүмдөрдү соттогонго урукcат берип гана тим болбостон, бул жаңы кирип жаткан беренелерге алардын жазасын жеңилдетүү, кепилдикке чыгаруу, мөөнөттүнүн өтүп кеткендиги үчүн бошотуу, амнистия кылуу, жазаны жылдыруу сыяктуу жеңилдиктер каралбайт дегенге да макул болуп жиберди. Мисалы кимдир бирөөнүн баласы (Кудай сактасын, мыйзамды колдогондордуку да болушу мүмкүн) үч китеп, бир диск менен кармалса, балдар колониясында, андан кийин абакта орустар айткандай «от звонка до звонка» отуруп чыгат.

Фракциянын депутаттары, капыстан ар бир үй-бүлөнүн башына келип калчу бул демилге боюнча эч бир илимий изилдөө, жаш курак боюнча бир да психологдун же жок дегенде укук коргоочунун пикирин карап отурушкан жок. Демилгечи тарап болгон Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын (УКМК) өкүлүнөн, куду сынактан эптеп өткөрүлүп жаткан абитуриенттен сурагандай, экстремизм жана террорчулукка аралашкан 14 жашар балдар боюнча кандайдыр бир статистика барбы деп сурaганга араң жарашты. Буга УКМКнын Террорго каршы борборунун башчысы Рустам Мамасадыков: «Сириянын согуш аймыгындагы Кыргызстандын 510дон көп жаранынын 60ы 14 жашка чейинки балдар», – деп жооп берди. Мамлекеттеги жүз миңдеген өспүрүмгө эмне алып келери белгисиз мыйзам негизинен ошол алтымыш баладан чочуудан улам чыгарылып жаткансыйт.

Эркин Европа радиосунун Тажикстандык кызматына маек куруп берген Бобожон Карабоев Москвадан Түркия аркылуу Сирияга барып, согуштук аракеттерге катышып, кайра качып келген. Анын айтымында 30 жаштагы адамды террордук аракеттерге багытташ үчүн чебер жалдоочуга беш күн жетиштүү. Эми 14 жаштагы балага интернеттен экстремисттерди жактаган сөз сүйлөтүп коюуга же туура эмес мазмундагы китептерди ташытып коюуга айгакчы (провокатор) үчүн канча убакыт кетет дейсиз? Колунда барлар баласын тергөө менен соттон эптеп бошотуп алар, карпайым калк эмне кылат?

# Электр ортомчулар аркылуу сатылат

**Улуттук энергохолдинг түзүлгөндөн бери 4 айдан ашты. Бирок өзгөрүү байкала элек. Учурунда Өкмөт электр энергияны өндүрүү, ташуу жана бөлүштүрүүчү ишканалардын баарын бириктирип турган холдинг – тармактагы коммерциялык жоготууларды азайтып, коррупцияны жеңет деп ишендирген. Бирок, айрым эксперттердин пикиринде, аталган холдингдин түзүлүшүнүн максаты таптакыр башкада. Маселен, алардын бири Эрнест Карыбеков холдингдин аты улуттук деп турганы менен ички система башкача экенин айтат.**



Мындай саясат менен түзүлгөн компанияга мен макул эмесмин. Азыркы Энергохолдинг мамлекеттик мекемеге айланышы керек болчу. Мамлекеттик мекеме болгондо жоопкерчилик да болмок. Учурда "Электрстанциялар" ААК коому электр энергиянын кубаттуулугун көтөрө албай жатса, "Түндүк электр" сыяктуу электр тартып келүүчү компаниялар 14 этажга чейин тартып берип жатат. Ушинтип баш аламандык жаралат да. Бул жерде каржылык жана техникалык баланс бир болушу керек. Атын улуттук деп коюп, жеке компанияларды мурдагыдай калтырып койгонун кандай түшүнсөк болот. Алардын ортомчулары чуркап, мамлекеттик каражатты уурдап кетип атат. Текебаев, Исаев деген депутаттар энергетика жөнүндө жаңы мыйзам долбоор жазып чыгышты. Бирок ал мамлекетке каршы мыйзам долбоор. Анткени алар жанагы 7 компанияны ошол бойдон калтырып, дагы башка майда компанияларды тартуунун жана аларга сатуунун аракетинде. Эгер электр энергияны түз сатсак, киреше ортодо акча жеш үчүн түзүлгөн компанияларга эмес, Кыргызстандын энерготармагына түз түшмөк. Тарифтердин кымбатташына алып келген миллиарддаган сомдук жоготуу болбой, эл арзан электр энергиясы менен камсыз болмок. Ага болбой эле кимдир бирөөлөрдүн байышына, 16-17 ортомчу компаниялардын иштешине шарт түзүп жатышат. Элге 2 сом 16 тыйындан, ал эми мекемелерге 2 сом 50 тыйындан берилет. Менин күйгөнүм ортомчу компаниялар мамлекеттик тармактан 90 тыйынга чукул арзан алышат. Мамлекеттик тармак коррупциялык схеманы жандандырып, электр энергияны түз сатпай, ортомчулар аркылуу сатат.

# Аялдардын диний билими төмөн

**ИИМ башчысы Мелис Турганбаев терроризмдин алдын алууга арналган форумда маалымдагандай, акыркы 10 жылда орто жашы 22-25ти түзгөн экстремизмге тиешеси бар аялдардын саны күндөн-күнгө өсүүдө. "Бул маселе эмнеден улам пайда болууда, же диний билим жетишпейби" деген суроо менен** «Мутакаллим» коомдук бирикмесинин жетекчиси Жамал Фронтбек кызына **кайрылдык.**



– Антитеррористтик борбордун изилдөөсү боюнча 2005-жылы экстремист, радикал уюмдарда 1% аялдар болсо, азыркы учурда ал 24%га көтөрүлүп, 10 жыл ичинде 24 эсе өстү. Бул жердеги эң биринчи маселе бул аялдардын, кыз-келиндердин Ислам дининдеги билиминин аздыгында. Эгемендүүлүктү алгандан баштап мусулман аялдарга эч бир шарт түзүлбөй, алар менен иш жүргүзүлбөгөндүн натыйжасы ушуга алып келди. Учурда "Ыйман" фонду эркектерди окутууда. Ал эми аялдарга эч ким көңүл бурган жок. Айыл жергесиндеги билимдүү аялдардын баарын аттестациядан өткөрүп, легалдаштырып, деңгээлин көтөрүп койсок деп ойлойм. Ошондо элет жергесиндеги, райондук жана облустук масштабдагы аялдарыбыз легалдуу уюштурулган сабактарга гана келип, башка диний агымдардын жыйындарына барбай калат беле деген ой болууда. Бул өтө көйгөйлүү маселе. Эгемендүүлүктү алгандан баштап эле Кыргызстандын көпчүлүк жарандары кредит алып башташкан. Бир эмес, үч-төрт насыяны катар менен алгандан кийин кайра төлөй албай, көпчүлүгү тышка мигрант болуп кетишүүдө. Ал жактан алар экстремисттердин тузагына туш болуп, азгырылып кетүүдө. Анткени кыстап турган насыяны төлөп, карыздан кутулуу үчүн айласыздан ошого барышат. Орусияда, Казакстанда интернетти мамлекет көзөмөлгө алып, туура эмес сайттарды жаап, коомдук баракчаларда экстремизмге үгүттөгөндөрдү кылдаттык менен электен өткөзүп турат. А бизде андай мыйзамдын жоктугунан бейкүнөө адамдар кылтакка илинип жатат. Мындан сырткары, Бишкек шаарында туура Исламга чакыра турган орус тилдүү адистерибиз да аз. Кандайдыр бир видео-роликтерди, же коомдук тасмаларды чыгара албай жатабыз. Бир жылда эки, же үч жолу тегерек стол өткөрүп коюп, бир нерсе кылдык дейбиз. Бул өтө аз. Негизиси, мамлекеттик деңгээлде радикалдашууга каршы күрөш болбой жатат.

# Президент 3 жыл премьер болушу керек

**Алмазбек Атамбаев "Конституцияга өзгөртүү киргизбесе көйгөйлөр жаралышы мүмкүн" дейт. Ушундан улам "Конституцияга "точечный" өзгөртүү киргизүү деген эмне? Баш мыйзамды өзгөрткөнгө убакыт барбы?" – деген суроолор менен** Кыргыз мамлекеттик улуттук университеттин Конституциялык укук боюнча ага окутуучусу Азамат Борончиевге **кайрылдык.**



– Акыркы эки жылдан бери КРнын Конституциясын өзгөртүү боюнча талкуулар күчөп барат. Бул маселе боюнча калктын көңүлү өзгөчө мамлекет башчынын пикиринин тегерегинде айланып турат. Бирок айтылган пикирлерде кандайдыр бир ток этер нерсе айтылган жок.

Быйтыр июль айында президент акимдерди дайындоо маселесине өзгөчө токтолгон. Мен дал ушул маселе Конституцияны реформалоодо негизги көйгөй болот деп эсептейм. Анткени Конституцияда бул маселе боюнча талап кылынган шарттарды мыйзам аркылуу да ишке ашыруу мүмкүн эмес. Бул берене абалды туңгуюкка кептеп салган. Тактап айтканда, акимдерди жергиликтүү кеңештердин сунушу менен дайындоо деген – шымды башыңа кий дегендик. 2015-жылдын декабрында президент мамлекет башчыга каралган кеңири укуктардан чочуп турганын билдирди. Ошондуктан президент менен премьер-министрдин тиешүүсүн алдын-алуу үчүн ажонун ыйгарым укуктарын кыскартуу зарыл деген.

Жогоруда айтылган маселелер боюнча сиздердин көңүлдү эгер акимдерди шайлоодо чын эле ыкчам чечиле турган көйгөй бар болсо, анда мамлекет башчынын ыйгарым укуктарын кыскартууга өтө кылдат мамиле кылуу керек. Өкүнүчтүүсү, бул эки маселеден сырткары да азыркы Конституцияда өзгөртүүнү талап кылган бир далай карама-каршылыктар бар. Ошондуктан эртели-кеч аткарылчу бул реформаны укуктун негизги тармактары боюнча илими жана тажрыйбасы бар кесипкөйлөр ишке ашыруусу зарыл деп эсептейм.

Мөөнөт жана тартиби тууралуу айтсак, конституцияны реформа кылуу Убактылуу Өкмөттүн (УӨ) декретине такалып турат. Бирок "бийликтин жалгыз булагы – эл" принциби менен «факт түрүндөгү конституция» түшүнүгүнө карабай өзгөртүү киргизсе болот. Мындан сырткары УӨнүн декретинин 4-беренесин аткаруура мүмкүн эместигин моюндоо керек. Анткени тарыхыбызда Конституцияга өзгөртүү киргизүү өлкөдөгү коомдук-саясий абалды туңгуюктан чыгаруунун жападан-жалгыз жолу болуп, бир нече жолу жүзөгө ашкан.

# Орустар Сирияда экономикалык максатына жеткен жок

Орусия аскердик жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өзүнүн саясий жана геосаясий маселелерин чечкенге аракет кылды. Бирок мунай баасынын туруктуу жогорулоосу дүйнөлүк мунай базарындагы талап менен сунуштардын тең салмактуулугу талап тарапка оогонуна байланыштуу

## Мындан артык кылуу мүмкүн эмес

Ошентип 15-марттан баштап Сириядан Араб Республикасынан орусиялык куралдуу күчтөрү чыгарыла баштады. Орус ЖМКлары «Жалпысынан алганда орусиялык куралдуу күчтөр Сирияда чечилиши керек болгон маселелерди чечти» деп айткандай, расмий максаттар ишке ашырылды десек болот. Алар ОФ президенти Владимир Путин тарабынан 2015-жылдын октябрь айында эле жарыяланган. Биринчиси, Сириядагы расмий бийликти калыбына келтирүү жана араздашкан тараптарды сүйлөшүү үстөлүнө отургузуу. Экинчиси, эл аралык террорчулуктун мизин майтаруу.

Бул жагынан алганда орусиялык аскердик топтун чыгуусу түшүнүктүү. Бир топ максаттар ишке ашты. Бирок, кээ бир нерселерди ишке ашырууга чама жетпеди. Анткени менен андан артык да бир нерсе кылуу да мүмкүн эместей болчу. Сириянын президенти Башар Асаддын убактылуу утушу деле анын колуна мурункудай бийлик берип, элин тизгиндеп кетүүгө жарап бербейт. Азыр орустардын жардамы менен кайтарылган аймактарды аскердик жана саясий жактан сактап калуу эле өзүнчө маселе. Ошондуктан Сирияга тиешелүү акыркы жумадагы күндөм бул өлкөнү федералдык аймактарга бөлүү болуп калды.

## Орусия оозуна жараша күлгөнгө мажбур

Бул жерде Сириянын башкаруусу менен аймагын ар кандай улуттагы жана диний ишенимдеги топторго жараша бөлүү маселеси жаралып турат. Мына ушундай бөлүнүү калыптанып бүткөн соң, бул аймактардын башындагы топтордун өкүлдөрү менен бирге макулдашылган кандайдыр бир бийлик системасын курууга кадам таштаса болот. Теориялык жактан да бул жагымдуу жана акылга сыйчуудай көрүнөт. Суннийлердин, алавиттердин, христиандардын жана друздардын туруктуу аймагы болгон соң аларга бул жерлерди бекитип берүүдөн артык кандай чечим болмок эле?

Бул тууралуу Орусия Федерациясынын тышкы иштер министри Сергей Лавров «эгер эли бул чечимди колдосо, ОФ Сириянын федералдашуусун колдоп берет», – деген маанидеги пикирин айтты. Ал: «Сириянын өкмөтү менен оппозициялык күчтөрдүн бардыгы биригип өлкөсүнүн келечеги тууралуу кандай чечимге келсе, биз аны колдойбуз. Мамлекетинин келечектеги формасы федералдуу болобу, же бирдиктүү унитардуу мамлекет болобу, бул тууралуу сириялыктардын бардыгынын макулдугу керек», – деп айтты.

Чындап келгенде Лавров федералдашууга кескин каршы чыккан Сириянын тышкы иштер министри Валид Муаллемди колдоп сүйлөгөн жок. Сириялыктар мамлекеттин этно-конфессиялык жиктерге ажыроосу оор кесепеттерге жол ачарын жакшы түшүнөт. Бул жерде бир нерсени түшүнүп да кереги жок. Иракты караганда эле бардыгы айдан ачык болуп турбайбы. Муну Москва деле түшүнүп турат. Бирок өнөктөшүнөн оолагыраак болууну чечти. Бардык көйгөйлөрдү Орусия эми Сирия, Түркия, Иран жана Жакынкы Чыгыштын башка өлкөлөрүнө төңкөп чыга берчүдөй көрүнүп калды. Ошентип биз Орусия аскердик жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өзүнүн жеке саясий жана геосаясий маселелерин чечкенге аракет кылды деген натыйжа чыгарсак болот.



## Москва мунайдын баасын жогорулата албады

Жаңы куралдарын сынап, потенциалдуу сатып алуучуларга сунгандан сырткары, орустардын Сириядагы экинчи негизги экономикалык максаты мунайдын баасын мурунку калыбына келтирүү болчу. Кээ бир серепчилер «кара алтын» менен Сириядагы согуштук аракеттердин ортосунда тыгыз байланыш бар экенин баамдашкан. Бириккен Улуттар Уюмунун Генассамблеясында президент Владимир Путин да муну төмөнкүчө баса белгиледи: «Эл аралык террорчулук тууралуу ызы-чуу кылуу менен бирге террорчуларды каржылоо булактарына көз жумуу – эки жүздүүлүк жана жоопкерсиздик. Алар өздөрүн баңги, мунай жана курал сатуу жолдору менен кубаттап келишет. Серепчилер аларды Ирак жана Сирияда басып алган корлордон мунай сатуу аркылуу күнүнө миллионго жакын доллар киреше таап жатат деп айтышууда. Орусиялык мунайчылар террорчулардын мунайын Түркия менен Иран сатып алууда деп белгилешти. Бул мыйзамсыз ишкерлик жакында токтотулушу мүмкүн. Орусиялык согуш учактары эртеби-кечпи сөзсүз канкорлор басып алган мунай чыгаруу структураларынын таш-талканын чыгарат. Анан мунайдын баасын атайлап төмөндөтүү токтойт».

Орусия аскерлерин чыгарып баштаган 15-мартта батыштык серепчилер мунай тууралуу төмөнкү божомолдорду кылышты. «Жакынкы 3 же 4 ай ичинде мунайдын баррелинин баасы 50 долларды көздөй жогорулоосу мүмкүн», – дейт JBC Energy компаниясынын башкаруучусу Йоханес Бенигни. Муну Орусиянын Сириядагы аскердик миссиясынын натыйжасы десек болобу? Андай деп айтуу кыйын. Бул атактуу эксперт мунайдын баасы айтылган деңгээлге көтөрүлөрүнө ишенгенин айткан жок. Ал болгону мындай жогорулоону эстен чыгарбоо керек деп айткансыды. Анткени мунай баасынын туруктуу жогорулоосу дүйнөлүк мунай базарындагы талап жана сунуштун ортосундагы тең салмактуулуктун талап тарабына оогонуна байланыштуу. Йоханес «Мунайга бай мамлекеттердин биримдиги (МБМБ) аны өндүрүүнү азайтууларына үмүт кылуу оор» дейт. Bloomberg телеканалына берген маегинде Бенигни «МБМБ уюмуна кирген мамлекеттер мунай базарындагы азыркы үлүштөрүн башкаларга тарттырып жибербеш үчүн аны өндүрүүнү азайтпайт. Ошондуктан JBC Energy кара алтындын баасы кайра 20 долларга чейин түшүп кетүүсү толук мүмкүн деп божомолдойт. Себеби азыр мунай базарына эл аралык чектөөлөрдөн кутулган Иран кирди жана «Курдистан» делген чөлкөм менен Йемен мунай өндүрүүнү арттырып баштады» деп айткан.

МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

# Байлык ээсин таанıбайт

Экономика дегенде эң биринчи ойго келген нерсе – мал-мүлк. Күнүмдүк турмуштан ашыкча мал-мүлк пайда болгондо гана аны жыйнап, сактап жана ушаткан тарап пайда болот. Бул байлык коомдун пайдасына же зыянына сарпталат, же бир күнү кумга сиңген суудай болуп жок болот.

Бир убакта жаратылган бул жарык дүйнөдө Жараткандын буйругусуз бир нерсе жоктон пайда болбойт жана Анын каалоосу болмоюнча жок да болуп кетпейт. Маңдай тер агып жумшалган ак эмгек акыбетсиз калбайт. Бул жалганда акыбети көрүнбөсө да акыретте бардык нерсе ийне-жибине чейин эсептелүү. Бул дүйнө чыныгы дүйнөнүн үлгүсү болгондуктан. Мал-мүлк менен эмгек акы бир абалдан экинчисине өтүп турат.

Советтер Союзунун гезиттеринде капиталист жумушчу тапты канын жарылганчакты соргон бөрүгө окшоштурулчу. Бирок коммунисттик элита да капиталисттерден ашып кетпесе да кем калчу эмес. Ата-энелерлибиздин сүрөт альбомдорунда СССРдын Мамбанкынын «Казначейский билет» деген баалуу кагаздары чапталып турганын биздин муун көрүп калдык. Алар мамлекет үчүн каражанын карч уруп эмгектенгендерге айлыгынын бир бөлүгү катары берилчү. Альбомдору коздоп калганына караганда ак эмгектин натыйжасын башка бирөө колдонгон.

Советтер Союзунун кулашы карапайым калк үчүн күтүүсүз болду. Союздун ал кездеги доллардан кымбат болуп турган рублу эч нерсеге жарабай калды. Төрт унаага жетчү акчага бир баштык толбогон азык-түлүк келип калды. Андан бир аз убакыт өткөн соң тамызгыга гана жарап калды. Бирок СССР ээлеп турган аянт, калдайган калың эл жана топтолгон мал-мүлк эч жакка кеткен жок. Болгону биринин колунан чыгып, экинчисинин колуна өттү. Ата-бабабыз айткандай «Бүгүн бар да эртең жок, ушундай экен дүнүйө – бок». Аа-буу дегиче болбой, мал-мүлк кожоюндарын алмаштырды да, аларга кызмат кыла баштады. Кашкайган фактылар боюнча Советтер Союзунун аймагында пайда болгон миллионер менен миллиардерлердин дээрлик бардыгы бул кулаган зор дөөлөттүн мал-мүлкүн «мурастап» алгандар болду.

Ошондуктан мал-мүлктүн чыныгы кожоюну ким экенин чечип алмайынча аны өзүңүкүндөй жула качып, каалаганыңдай пайдалангандар чекеден чыгат. Ыйык Курандын Али Имран сүрөсүнүн 26-27-аяттарынын маанисин келтирип, бүгүнкү чакан макалабызды аяктайлы. Анда Мухаммед Пайгамбарыбызга (САВ) жана мусулмандарга минтип буйрулган: «Айт: Мүлктүн ээси болгон (адамдар ойлоп таап алган эмес) Чыныгы Жараткан! Мүлктү каалаганыңа бересиң, каалаганыңдан кайра аласың. Каалаганыңды төрө, каалаганыңды байкуш кыласың. Баардык жакшылык Сенин колуңда. Чынында Сенин күчүң бардык нерсеге жетет. Түндү күндүзгө, күндүздү түнгө айлантасың. Өлүктөн тирилик, тириликтен өлүк чыгарасың. Сен каалаганыңа эсепсиз ырыскы тартуулайсың».

*(уландысы бар)*

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ



# Президент мураскор дайындайбы?

**Президенттик шайлоо жакындаган сайын мураскордун айланасында кайра-кайра кеп козголмой болду. Чынында, президенттик кызмат тарыхында аны кимдир бирөөгө аманат кылуу, же мураска калтыруу Кыргызстан демократиялуу өлкөгө айлангандан бери кайталана элек болчу. Себеби, өткөн президенттер артына орун басарын калтырганга жетишкен эмес.**



Анткени менен көпчүлүк эл “президенттин артына адам даярдоосу өлкөдөгү демократия эрежелерин жокко чыгарат” деген ойду кармануууда. Бирок, “президент өзү такыктуусун көрсөтүп, же жок дегенде кыйытып койсо, элдин тандоосу дагы оңой болмок беле” деп да ойлогондор бар. Анын үстүнө президент Атамбаевдин акыркы кадамдары кимдин жүрөгү ак, көңүлү ток экенин ачык көрүп турганын айгинеледи. Антпесе, айдоочусу президенттин кеңешчиси болуп, жан сакчысы коррупция менен күрөшүп калмак эмес.

### Президентти эл өзү тандасын

Ошол эле маалда мамлекет башчы мураскор даярдабай турганын жана мөөнөтү бүткөндөн кийин өкмөт башчылыкка да, Жогорку Кеңештин төрагалыгына да барбай турганын бир нече жолу айтып чыкты.

– Эгерде мен президент катары мураскор даярдап, ошону шайлагыла деп кетсем, анда Кыргызстанга демократия келбейт, ачыгын айтайын. Эл кимге ишенсе ошону шайлаш керек. Эгер туура эмес адамды шайласа, эл өзү эле азабын тартып калат. Ошондуктан эл дагы өз тандоосуна жооп бериш керек. Эгер депутаттарды акчага шайлап алса, анда акыр түбү эл өзү запкы жеп калышы мүмкүн. Ушул эле мисал президенттик шайлоого да тиешелүү. Добушун акчага сатып мамлекет башчы тандаса, кийин ошол мамлекет башы кетирген акчасын жүз эсе кылып элден өндүрүп алат. Албетте, Кыргызстан үчүн менин да жүрөгүм ооруйт. Бирок, тегеректегилердей болуп бир мураскор таңуулап кетсем, анда аягында демократия жок болот.

### Суудан кургак чыкса болот

Президент айткандай “тегеректеги” мамлекеттерди туурап кандайдыр бир мураскор дайындоо, балким эми түптөлүп келаткан демократиянын жүрүшүнө да балта чабаар. Себеби, кошуна мамлекеттерде болуп келаткан бийликти жеке мурасындай ээлеп алуу жана аны өз жакындарына өткөрүп берүү көрүнүшү эч кимдин купулуна толгон эмес. Ал эми айласы кеткен Борис Ельциндин мураскери дагы бүгүнкү күнү демократия жолунан алыстап, диктаторлукка батып баратканы белгилүү болуп турат. Ал эми батыштын кыйла көзү ачылып, ак менен караны ажыратып калган эли кимди башчылыкка шайлап алаарын алдын-ала билип калгандай.

Бирок, биздин өлкө башчынын бүгүнкү сүйлөп жатканы эч кандай деле натыйжа бербеши мүмкүн. Себеби, мындан мурунку президенттерибиз деле “ашуудан ат алмашпайт”, “эл өзү суранып атат” деген шылтоолор менен акыркы убактарда тактысын сактап калууга аракет кылган. Албетте, азыркы президентибиз аларчалык ката кетирүүгө барбаса керек. Себеби антип анткорлонуу баары бир жакшылыкка алып барбасын баары эле түшүнүп калды. Бирок, бийликти өз ара чечилген адамга тапшырып коюу үчүн сөзсүз эле элге жарыялаш керек деген сөз суу кечпей турганын да унутпасак. Азыртан керектүү адамдарды керектүү жерлерге дайындап, жең ичинен макулдашуулары жүргүзө берүү тактыны тапшырууда элге түздөн-түз мураскер жарыялагандай эле таасир калтырат. Ал тургай, андан да ашып кетиши мүмкүн. Себеби, андайда мураскери да, мураскер калтырганы да “эл өзү шайлады” деген шылтоо менен суудан кургак чыгаары турган кеп. Мисалы, Борбордук шайлоо комитети, укук коргоо органдары, жергиликтүү бийликтер жана КТРК сыяктуу орчундуу мекемелер колго алынган соң, өтө эле адалсынып “мураскер жарыялабайм” деген сөз кимге канчалык ишеним жаратаар экен?..

### Президент талапкерлерге ишарат кылсын

«Саресеп» гезитинин **башкы редактору Эсен Өмүракунов** «Президентибиз Алмазбек Атамбаев бир мураскор атабаса да, жок дегенде бир нече талапкерге ишарат кылса жакшы болмок» дейт.

– Мураскор атабоо менимче демократиянын принциптерине кирбейт. Эгер демократиялык коомдо, демократиялык жолдор менен тарбияланып чыккан күчтүү инсан болсо, аны мураскор катары ишарат кылуудан демократиянын эч кандай принциби запкы көрбөйт болуш керек. Албетте, жакынкы тарыхта ошол эле Орусия, Азербайжан жана Түркмөнстанда мураскордун алдын-ала белгилүү болуусу, буга чейин бийлик аркылуу байлык топтогон тайпаларга эле убактылуу артыкчылык алып келбесе, бул өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүүсүнө салым кошо алган жок. Бирок бул мамлекеттер экономикалык жана саясий жактан бизге үлгү боло албагандай эле, башкаруу принциптери жагынан да тууралыкты көрсөтө албайт.

Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин мураскор атабоосунун бир себеби жана бир максаты бар сыяктуу. Мураскор көрсөтпөөсүнүн себеби – чынында эле эскичилик дартынан айыга элек Өкмөт менен Жогорку Кеңеште Президенттикке талапкер боло алчу жарытарлык деле кандидатура жоктугунда. Мураскорду атабоосунун максаты болсо – Атамбаев сыртынан көз салып, баамдап жүргөн, дароо ажолукка жарабаса да, бара-бара жакшы үлгү болуп кете алган жигиттер жаш саясатчылардын арасында аз эмес. Ошондуктан Президент эскичилик сыпаттарын алып жүргөн талапкерлерге артыкчылык бербеш үчүн азыркы элита сымалдардын арасынан эч кимисин атагысы келбейт. Ошол эле убакта жаш саясатчылардын кимиси бийликке мас болбой бычакка сап болуп кетерине да көзү жетпейт.

Америка кошмо штаттары сыяктуу мамлекеттердегидей праймериз, тагыраак айтканда, алдыңкы делген партиялаштардын арасынан президенттикке талапкерлердин жарышы жок болгондуктан, элдин да кимдин-ким экенин баамдап алышы кыйын. Ошол эле АКШдагы быйылкы шайлоодо республикачылдардын арасынан эң күчтүүсү Дональд Трамп праймериз убагында эл бузар клоун, же фашист экени билинип калды. Биздин келечектеги президенттик шайлообузда да Трампка окшогон популист чыгып, элди бөлүп-жаруу ыкмасы менен жетишерлик добуш алганга аракет кылуусу мүмкүн. Президенттик ат салышуу дымагы бар арзыматтардын арасында мындай персонаждар бар экенин баарыбыз жакшы билебиз.

Жогорудагы аргументтерди эске алуу менен Президентибиз Алмазбек Атамбаев бир мураскор болбосо да, бир нече талапкерге жок дегенде ишарат кылса туура болмок деп эсептейм. Себеби карапайым эл жаңы талапкерлерди тааныбашы мүмкүн. Эскилердин арасында болсо жарытаары жокко эсе.

Ал эми **саясат таануучу Игорь Шестаковдун** оюу боюнча азыр президентти атап көрсөтүү кыйын. Анткени бир жылдын ичинде бир катар өзгөрүүлөр болуп кетиши ыктымал. Анын айтымында белгилүү бир адамды көрсөтүү Атамбаевге эч кандай пайда алып келбейт.

– Президенттин мураскор дайындабаганы тууралуу билдирүүсү акылга сыярлык иш. Анткени биз парламенттик өлкөбүз. Бул бийлик бутактары саясий партиялардан куралат деген сөз. Кандай болбосун мыйзам чыгаруу менен аткаруу бийлигине ар кайсы партиялардан келет. Ошондуктан кайсы бир адам мамлекет башы болот деп так жана кесе айтууга болбойт. Анан кантип мураскор дайындалсын? Атамбаев саясий атаандаштык туруктуулукка кепил болоорун жакшы түшүнүп турат.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



### Шайлоого аз калганда башкача болот

Анткени менен Президенттин мураскор атабай жатканы демократиянын принциптерине таянаарына күмөн санагандар дагы арбын. Ал тургай акыры баары бир санаалаш жакынын түртүшү мүмкүн дегендер да жок эмес. **Борбор Азиядагы Америка университетинин окутуучусу Эмил Жороев** азыр айтылбай, ачылбай турган фактылар шайлоого аз калганда чыга баштайт деген пикирде.

– Президенттин эч кимди көрсөтпөй, баарын айдан-ачык калтырганы өтө жакшы. Эгер демократия принциптерин бекем орнотобуз деген дымагыбыз болсо, так ошондой ачык калтырышыбыз керек. Анткени менен кандайдыр бир тымызын саясий жүрүштөр болуп аткандыр, аны айтыш кыйын. Шайлоого чейин дээрлик бир жылдай убакыт бар. Бүгүн бирөөнү көрсөтө коюп, анысы бир жылдын ичинде опурталдуу себептер менен кулап, аты булганып калса, анда ал президенттин атына дагы так түшүрөт. Негизи албетте, шайлоого аз күн калганда президент айтса деле, айтпаса деле “Атамбаевге жакын киши ушул, Атамбаевдин адамы ушул” деген сөздөр чыгып, билине баштайт. Президент дагы ага чек коё албайт. Бизде мурдатан келе жаткан бир коркунуч бар. Ал түндүк-түштүк көйгөйү. Бирок, биз билип жүргөндөй эле азыр президенттик шайлоодо жетиштүү добуш алыш үчүн түндүктөн дагы түштүктөн дагы тиешелүү добуш алыш керек. Президент болом деген киши ошондой маселеге маани берип, түшүнсө анда эч кандай бөлүп жаруу болбойт.

# Кадыры качкан китептер

Учурда басмаканаларда түрдүү-түстүү китептер басылып чыгууда. Бирок эмнегедир “эл китеп окубай калды” деген пикирлер да көп айтылып келет. Мына, ушул жерден «Эмне бизде чыгып жаткан китептердин сапаты учур талабына жооп бербейби? Басмадан чыккан китептер окурмандардын табитине туура келбейби же дагы башка себептери барбы?» деген суроо жаралат. Бүгүнкү макалабыз ушул тууралуу болсун...



Бостон коомдук китепканасы – АКШдагы жеткиликтүү ири китепканалардан

“Адамдын чыныгы досу китеп” демекчи, китептин орду адам жашоосунда зор мааниге ээ. Бирок учурда коомубузда колуна китеп кармаган, кечке чейин китепканаларда отурган окурманды чанда кездештирүүгө болот. Жылына өлкөбүздө акынжазуучулардын жаңы чыгармалары, ырлары, окумуштуулардын илимий эмгектери миңдеген нуска басылып жатканына карабай, буларга талап өтө төмөн.

## “Мамлекет башындагылар өздөрү китеп окубайт”

Союз убагында китеп чыгаруу мамлекеттин камкордугунда болуп, адамдарды китеп менен камсыз кылуу деген талап болгон. Ал жылдары ар бир киши башына 9–10дон китеп басылчу. Демек жылына типографиялардан миллиондогон китептер чыгарылчу. Жазуучулар катуу талап менен иргөөдөн өтүп, мамлекет мыкты деп эсептеген авторлордун китептери жарыкка чыгууга уруксат алчу. Акын-жазуучулардын китептерине суроо-талап көп түшүп, аларды окуу үчүн китепканаларда сааттап кезекке турушар эле.

“Көк конверт”, “Алачык” “Сокмо көйнөкчөндөр” жана башка чыгармалардын, “Жарты жан” сыяктуу сатиралардын автору **котормочу, жазуучу Ашымбаев Калканбай** агайдын айтымында азыр адамдар сөздөн ажырап калган. Себеби илгери адамдар сөз байлыгын байытуу үчүн атайын акылмандарга барып сөз угушчу:



– Китептин окулбай калганына көп себептер бар. Алсак, илгери союз маалында ар бир үйгө 5-бдан гезит келип турган. Биздин чыгармалар 10 000–12 000 нуска менен чыкчу. Элдер дүкөндөн китеп таба албай калчу. Себеби ал кезде гезит-журналдарда коомдун аң-сезимин байыта турган, элдик мүдөө жана мамлекеттик ой менен жашай турган ойлор жазылган. Ошол убакта жазуучулар, журналисттер сөзгө бай болбосо калем кармашкан эмес. Ал эми калем кармагандар кыргыз элинин көөдөнүн дарт алдырбаган, абийирине чаң жугузбаган адамдар болушкан. Булардын жазганын окуган кишилер ыракаттанып турган. Союз тарагандан кийин батыштын сели каптап, маданият жана искусство тармагындагы эң баалуу нерселерди агызды. Акчанын үстөмдүгү келди. Советтер Союзу учурунда эле мамлекет башында жүргөндөр улуттук китепканадан китеп алып окушкан эмес. Азыр бир дагы калк башында жүргөндөр китепканага барып китеп алып окушпайт. Учурда чыгып жаткан гезит-журналдардын баарында ушак-айың, төмөн түшкөн сөздөр бар. Эми биздин карыларыбыз, жазуучуларыбыз, журналисттерибиз көөдөнүндөгү көрөңгөсүн жаштарга берүүгө аракет кылыш керек. Мен өзүм такай бир канча чыгармаларымды алып, жаштар окуган техникум, колледждерге барып, нарк-насил сөздөрүмдү айтып берип, кыдырып окуйм, – деди жазуучу агай.

## “Саясаттын сазынан чыгалбай жатсак, кайдан китеп окуйбуз”

Кыргыз Республикасынын Улуттук китеп палатасынын билдирген маалыматтарына караганда, 2012-жылы мамлекетибизде 2 миллион китеп басылган. Ал эми 1989–90-жылдары бир жылда эле 10 миллион китеп жарык көрчү. Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин китеп чыгаруу тармагы кыйроого учураган. Китеп дүкөндөрүнүн саны азайып, басмаканалар жабылып, айрымдары менчиктештирилген. Китепке болгон талап басаңдап, акчалуулар каалаган китептерин чыгарып, натыйжасында окулчу китептердин сапаты бузулду.

**Жаш акын Бердибек Жамгырчиев** бир китеп алгыча бир нан алайын деген заманга келип калганыбыз үчүн китеп окулбай калды дейт:



– Учурда китеп окулбай калганынын бирден-бир чоң себептери, биздин адабиятыбыз, маданиятыбыз базар экономикасына талпайып тебеленип калгандыгында. Себеби азыр элдин курсагы тойгон менен жан дүйнөсү тойбой жардыланып кетти. Бир китеп алгыча бир нан алайын деген коркунучтуу заманга келип калдык. “Тойгонго кылып канагат, торпок да жанын багалат” деген Манас эпосунда жакшы сөз бар. Анын сыңарындай, бүгүнкү биздин жашоо келечектүү эмес убактылуу болуп жаткандай. Китепке чуркабай, пикетке чуркаганды биздин бийликтеги ары жок агалар үйрөтүп койду. Саясаттын сазынан чыга албай жатсак, кайдан китеп окуйбуз? Китепканалар музейдей болуп аңгырап турат. Дагы бир чоң себеби, бул батыштын желмогуздай саясаты болууда. Тактап айтканда, баарыбызды жипсиз байлап алган интернет бизди китептен такыр эле алыстатып салды. Жогорку окуу жайларда сапаттуу билим, сапаттуу окутуу жок. Мугалимдер да баары бир деген идея менен окутуп калгандай. Биз китеп окууну жогорку деңгээлге чыгарабыз десек мына ушундай чоң ооруулардан арылуубуз керек”, – деди ал.

## “Ата-эне бала үчүн үлгү болгон эмес”

Китептердин окулбай жатканын алардын кымбаттыгына дагы байланыштырсак болот. Өлкөбүздө китеп саткан дүкөндөрдүн саны онго жетпейт. Көркөм чыгарма саткан белгилүү дүкөндөр “Раритет” жана “Нуска”. “Раритетте” көбүнчө заманбап батыш жазуучулардын китеби сатылып, орточо баасы 500 сомдон жогору, эң кымбаты 30 миңдин тегерегине барат. Ал эми «Нуска» китеп дүкөнүндө баалар 200–250 сомдон 3000–4000 сомго жетип, дээрлик жалаң кыргыз тилиндеги китептер сатылат.



**Алыкул Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын мүдүрү, профессор Жылдыз Бакашова** эгер азыр илгерки союз убагындай китеп окуу клубдарын түзсө, китепти сүйгөн гана адамдар барышат. Ал эми жаштар “Дискотека”, “Түнкү клуб” болбогон соң келишпейт дейт:

– Китеп окулбай калды деген көйгөй дээрлик дүйнөлүк көйгөйлөрдүн бири. Ааламдашуунун таасири, жаңы технологиянын өсүшү менен интернет жашообуздун көпчүлүк бөлүгүн ээлеп калды. Бул маселенин бир себеби болсо, ата-энелер көр оокаттын айынан кичине кезде өзү үчүн да, бала үчүн да китеп окуп үлгү болгон эмес. Ошондуктан 20–25 жылдын ичинде китеп окуунун кызыгын сезбеген, руханий жактан жарды муун өсүп чыкты. Көркөм жана жашоону өзгөртүүгө түрткү берүүчү адабияттарды, чет өлкөлүктөрдүн заманбап илимий-популярдык басылмаларын кыргыз тилине которуп чыгарып, өлкөнүн алыскы региондоруна чейин таратуу керек. Ар ким өзүнүн каалоосуна, табитине ылайык китептерди көрүп, тандап алгандай мүмкүнчүлүк болгондо гана адамдар окуй баштайт. Үй-бүлөдө ата-эне балдарын кичинесинен баштап китеп окутуп, китепке жакшы мамиле кылышы керек”, – деди.

## Индия эң көп китеп окуган мамлекет

Китеп окулбай жатканына союз маалынан калган, өзүнө тарта турган эч кандай архитектуралык өзгөчөлүгү жок китепканалар себепкер десек жаңылышпайбыз. Ушундан улам дүйнөнүн эң популярдуу жана заманбап китепканаларына токтоло кетсек:

- Александрия китепканасы – антикалык доордун убагында тургузулган илимий жана маданият борбору. Египетте жайгашкан бул китепканада байыркы доордон калган папирус кагазына түрмөктөлө оролгон 750 000 китеп бар.
- Джон Рилэнд китепканасы – Манчестерде жайгашкан бул китепканада 4 миллион китеп, 41 000 электрондук журнал жана 50 000 электрондук китеп бар.
- АКШнын конгресс китепканасы – 1800-жылы ачылган. Жалпысынан китепканада 75 миллион архив бар. Аларга китептер, кол жазмалар, сүрөттөр, музыкалык чыгармалар кирет.

Атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча, жумасына эң көп китеп окуган мамлекеттер аныкталган. Алар:

1. Индия – жумасына 10,7 саат
2. Таиланд – жумасына 9,4 саат
3. Кытай – жумасына 8,0 саат
4. Филиппин –жумасына 7,6 саат
5. Египет –жумасына 7,5 саат
6. Чехия –жумасына 7,4 саат
7. Россия – жумасына 7,1 саат
8. Швеция –жумасына 6,9 саат
9. Франция – жумасын 6,9 саат
10. Венгрия – жумасына 6,8 саат

Коомубузда китеп окулбай жатканы бир гана карапайым калктын көйгөйү эмес. Жакшы жазылган китеп эч убакта өз ээсин таппай калбайт. Китеп окуу маданиятын мамлекет өз карамагына алып, олуттуу чара көрүүсү абзел. Себеби чоңдор окуй турган китептер бул жакта турсун, мектептерде да окуу китептери жетишсиз. Ал эми мунун себеби баягы эле каражатка барып такалат.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Казак-кыргыз бир тууган, арам сотту ким тууган?

2014-жылы 10-апрелде 15 кыргыз жараны "Казакстан мамлекетинин чек арасын мыйзамсыз өткөндүгү үчүн" жана аткезчилик кылганы үчүн деген күнөө менен 8 жылга кесилди. Учурда бул жарандардын туугандары жана укук коргоочу Турсунбек Акун маалымат жыйын өткөрдү. Кесилген жарандардын туугандары жакындарын бошотуп берүүсүн суранып, өлкө башчы Алмазбек Атамбаевге кайрылышты

## Райондук сот 8 жылга кести

Борбордук Азия мамлекеттериндеги адам укуктары боюнча Конгресстин координатору, **Кыргызстан укук коргоо кыймылынын төрагасы Турсунбек Акун** Казакстан мамлекетинде 15 кыргыз жараны 8 жылга соттолуп кеткени боюнча төмөнкүлөргө токтолду: "2014-жылы 10-апрель күнү Кыргыз Республикасынын 15 жаранына Казакстан мамлекетинин чек арасын мыйзамсыз өткөн жана аткезчилик кылган деген күнөө коюлуп, Казакстан мамлекетинин камагына алынган. Алар ошондон бери Казакстанда турат. Эми адистештирилген райондук сот 15 жаранды 8 жылга кести. Аскердик сот дагы 8 жылга калтырды. Жакынкы убакта Казакстандын Жогорку соту болгону жатат. Бул маселе боюнча Борбордук Азия мамлекеттериндеги адам укуктары боюнча Конгресстин координатору деп өткөн жылы мага кайрылышкан. Ошол убактан тарта катуу аракеттерди көрүп жатабыз. Бул боюнча биз Өкмөткө, ТИМге, Башкы прокуратурга кайрылдык. Алар да колдон келген аракетин кылышты. Такыр иштеген жок деп айта албайбыз. Казакстан мамлекети ТИМ менен Башкы прокуратурага бул маселе боюнча жооп бербей, жакшы мамиле кылбай жатат. Негизи Бажы Биримдигине киргенден кийин экономикалык аткезчилик деген берене өзүнөн-өзү жоюлат экен. А биздин балдар бошотулуш керек болчу. Бирок ошого карабай, Казак бийлиги аларды бошотпоо аракеттерин көрүп жатат. Ошондон улам жакында стат-катчы Данияр Батыров казак элчисин чакыртып "Эмне үчүн биздин жарандарды биримдиктеги мамлекет болгондон кийин бошотуп койбойсуңар?" деп наааразычылыгын билдирип нота тапшырды. Ошого карабай жыйынтык чыккан жок. Ал эми камакта жаткан айдоочулардын 14 камазы ошол жакта жатат. Ал унаалардын кээ бири ижарага алынган", - деди ал.



## "2 жылдын ичинде абдан кордошту"



**Турганбаев Айжигиттин эжеси Венера Турганбаева** акыркы үмүтү өлкө башчыда экенин төмөнкүчө айтат: "10-апрелде Чалдыбарга товар жеткиргени барышат. Ал жерден казактар коркутуп, чек арадагы ууру жолдорун ачып беришип Казакстандын 30 чакырымдай жолуна чейин айдап барышып, Анипа базарынан карматып, Таразга 28-апрель күнү камап салышат. Ошол күндөн тарта 1 жыл 2 ай дегенде соту болду. Сотто "акталып чыгат" деген үмүтүбүз талкаланып, 8 жылга кесилип кетти. Инимдин аркасында 4-5 бала калды. Бир тууганымдын балдарына азыр каралашып атабыз. Жүрөгү ооруп атабыз каза болуп калды. Казактар биздин балдарды 2 жылдын ичинде аябай кордошту. Биз барбаган жер калган жок. Акыркы үмүтүбүз эле өлкө башчы Алмазбек Шаршенович Атамбаевде. Биз сизди баалайбыз, сиз карапайым элге дайыма жардам берип келесиз. Сизден 15 баланын укугун коргоп, казактарга кор кылбай Кыргызстанга бошотуп берүүңүздү суранабыз. Бул жерде жалданган айдоочулар гана камалып жатат. Ал эми чоңдорунун баары акчанын күчү менен чыгып кетти. Негизи айдоочулар товарларын "Чалдыбарга чейин гана жеткирип беребиз" деп келишим түзүшкөн. Ал эми Казак тарап чек арадагы ууру жолдорду өздөрү ачып берип, коркутуп алып киргизишкен. Кетип жаткан товарлар бижутерия, жынсы, кийимдер. Эч кандай баңгизат эмес. Ал эми товарды алып барып жаткан ээлери ким экенин биз таанybайбыз. Биз Казакстандан инибизге жактоочу дагы жалдадык. Бирок алар да күйбөгөн жерди күл кылды. Себеби алар да көп нерсе талап кылашат экен. Акча кетсе кетсин, ушул балдарды чыгарып алалы дедик. Бирок такыр чыгара алган жокпуз. Жактоочулардын колунан да эч нерсе келген жок."

## "63төгү оорулуу атам менен иним түрмөдө"



Атасы менен иниси казак түрмөсүндө эмне болуп жатканын **Альбина Кадаева** мындайча билдирди: "Менин иним негизи камаз менен Кытайда иштечү. Алар Бишкектеги Дордой базарына келип токтошот. Учурда биздин үйдөн эки киши түрмөдө жатат. Атам 63 жашта жана 5 кыздын арасында жалгыз уул болгон иним бар. Инимди Дордойдон Чалдыбарга чейин кимдер жалдап кеткенин билбейм. Алар жалдап баратып "камаз жетпей калды" деп үйгө чалып, атамды дагы айдатып кетишет. Казакстандын чек арачылары биздин жарандарды коркутуп, зымдарды кесип туруп өткөргөн. Бирок алар тышта калып, биздин балдар камакка түшкөн. Биздин укугубузду ким коргойт. 2 жылдан бери жарандарыбыздын ден-соолугу начарлады. Кээ бирлери балдары төрөлгөнүн да көрбөй калды. 63төгү атам да ошол түрмөдө жатат. Анын жүрөгүндө кесели бар болчу. Бул иштин баары уюштуруучулары өз ордуларында иштеп жүрөт. Ал эми жөн гана айлыкка иштеген айдоочулар абакта жатат. Айдоочулар 9-апрелде кармалгандан кийин бир күн кармап туруп чыгарып коюшкан. Алар ошого ишенип, казактын батиринде жашашкан. Кийин "бүгүн же эртең чыгасыңар. Көргөзмө гана берип койгула" деп алдап-соолап 28-апрелге чейин Тараздын прокуратурасынын тергөөчүлөрү кармап туруп камап салышкан. Эгерде айдоочулар чындап эле кылмышкер болсо, ошол күнү эле камалмак да. Аларды 28-апрелге чейин батирдин акчасын төлөп, тамагын алып берип алдап туруп 28инде камап салышты. Үйдөгүлөрдү баккан атам менен иним гана болчу. Апам ушунун айынан микроинсульт алып, үйдө ооруп жатат".

Ал эми алыскы Таш-Көмүрдөн келген Өскөн Орозбаев болсо казак түрмөсүндө баласын шылтоо таап уруп, кошумча жаза кошуп коюп жатканын айтып кейиди.

## "Жактоочуларга көп алдандык"

Жактоочуларга көп алданганы тууралуу **Асылбек Иманалиев** буларды айтып берди: "Ата-энелер болуп биз дагы бул маселе менен чуркап жүрөбүз. Жактоочуларга да көп алдандык. Канчалаган малжандыктарыбызды саттык. Биз жактоочуларга акча берсек, алар Түркияга барып эс алып келүүдө.



Казактын жактоочулары ушундай акмакчылык кылат экен. Алар бизди, кыргыздарды киши катары көрбөйт. Кыргыздар келсе эле көздөрүнө доллар көрүнөт. Эмне десе эле "силерде Дордой бар" дейт экен. Ушундай азапты башыбыздан өткөрдүк. Алдангандар алданды. Малын саткандар малын сатты. Бүгүн бул маалымат жыйынга келе албай калган кишилер да болду. Бели ооруп, жүрөгү кармап, бул дүйнөдөн өтүп кеткен кишилер болду. 15 жарандын арасынан атасы же иниси каза болгондор болду. Негизи ушундай азап менен жүрөбүз. Өлкө башчы бизге окшогон карапайым элге жардам беришин суранабыз".

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



**Кыргызстандагы Тышкы иштер министрлигинин маалымат жана басма сөз бөлүмүнүн жетекчиси Сүйөркулов Нурлан Эркеевич** бул маселе тууралуу буларга токтолду: "2014-жылы 10-апрелде Кыргыз Республикасынын 15 жараны «кыргыз-казак чек арасы аркылуу мыйзамсыз товар алып өттү» деген айып менен кармалып, Казакстандын сот органдары тарабынан соттолгон. Ошол убакта Кыргыз Республикасы Евразиялык Биримдикке мүчө эмес эле. Бул маселеге байланыштуу үстүбүзөгү жылдын 26-февралында Тышкы иштер министрлигинде Казакстан элчилигинин өкүлдөрү менен жолугушууну өткөргөнбүз. Жолугушуу учурунда казак тарапка КРнын тышкы иштер министрлигинин нотасы тапшырылган. Кыргыз Республикасы Евразиялык Экономикалык Биримдигине мүчө болуп киргендигине байланыштуу соттолгон жарандардын күнөөсүн жеңилдетип, пенитенциардык мекемеге камабоо тууралуу өтүнүчү сунушталган. Кыргыз-казак мамилеси жогорку деңгээлде болгондугун эске алуу менен, биздин жарандардын арызын Казак мамлекетинин мыйзамдарынын алкагында оң тарапка чечүүсүн сурангандбыз. Бул окуя убагында Казакстандын мыйзамдары боюнча коомчулукка коопту болгону айтылууда. Бирок Кыргызстан Евразиялык Экономикалык Биримдикке толук кандуу мүчө болгондон кийин аталган маселе ал кооптуулугун жоготот. Ошондуктан ТИМ катары аракет кылып жатабыз. Казак тарапка жогоруда айтылган сунушту расмий нота иретинде киргиздик. Бирок баардык нерсе мыйзам чегинде болушу керек деген ойдобуз."



# Бүгүнкү бир саатың эртеңки эки саатка тете

## Убакытты биз кандай колдонобуз?

Азыркы учурда интернетке кирбеген адам жок болуш керек. Жадакалса, неберелери чоң ата, чоң энесине үйрөтүп, ватсап, фейсбук, инстаграм дегендин баарын колдонот. Анткени менен бу интернет дегендин алысты жакындатканы эле болбосо канчалаган адамдын алтындай секунддарын, мүнөттөрүн, сааттарын, күндөрүн, түндөрүн уурдоодо. Албетте, пайдалуу нерсе издеп, жакшы маалыматтарды окуп, тарбиялуу нерселерди көрүп, оң жакка колдонгондор да бар. Ал эми канчалаган убактысын коротуп, пайдасыз нерселерди көрүп аткандарчы? Алардын келечеги кандай болот? Канткенде убакыттын кадырына жетебиз?

Бул жашоодо ар бир адамга бирдей убакыт берилет. Чындыгында, ал убакытты ким кандай колдонот, адамдар ошонусу менен бири-биринен айырмаланат. Кээ бирлери аны сарамжалдуу колдонгонду кичинесинен үйрөнүп, жашоосуна маанилүү өзгөрүүлөрдү, өнүгүүлөрдү киргизет. А кеч түшүнгөндөр болсо, убакыттын кадырын кечигип байкап, бармагын тиштейт. Азыркы учурда студенттерден, ишкерлерден жана ушул сыяктуу ар кандай кесип ээлеринен "убактым тартыш болуп жатат. Иштеримди бүтүргөнгө жетишпей калдым" дегендерин көп эле угуп жүрөбүз. Ооба, чындыгында, жасала турчу жумуш көп, бирок убакыт аз. Эмесе ошол аз убакытты кантип сарамжалдуу пайдалануу керек, төмөндө ошого токтолсок.

## Убакыт жашообузда кандай мааниге ээ?

Баардык нерсе убакыт бирдиги менен ченелет. Мисалы, мектепте бир сабактын сааты 45 мүнөт болсо, университетте бир пара – 90 мүнөт. Ал эми көбүнчө жолугушууларды белгилүү бир саатка белгилешет. Кээ бирлери саатты күнүмдүк план боюнча бөлүштүрүп да алат. Ошондой эле кесипкөйлөрдүн иштөө сааты да белгиленген. Биздин иш-аракеттерибиз убакыттын негизинде аткарылып, натыйжа берет. "Убакыт алтынга тете" дейт. Бирок алтынды кайра сатып алсаң болот, а убакыт сатылбайт. Убакыт учуп гана кете берет. Демек, аны алтындан да кымбат десек болот. Убакыттын кадырын максаттуу адамдар гана билет. Кала берсе, биздин ар бир көз ирмем да убакытты алат. Мынакей убакыттын маанилүүлүгү.

## 24 саат

Сиздин банктагы эсебиңизге 86400 доллар которулду дейли. Бирок бул акчанын баарын кечке чейин коротуп бүтүр, болбосо кайра алып коёбуз деген шарт коюшат. Ал акчаны колдонсоңуз да, колдонбосоңуз да, ошо күндүн аягында эсебиңиз түгөнүп, нөлгө түшүп калат. Эмне кылмаксыз? Албетте, баарын колдонууга аракет кылмаксыз. Баардык адамдар УБАКЫТ деген банктын кардары. Баары тең таңдын атышы менен эртеңки күнгө өткөрүп коюуга мүмкүн болбогон 86400 секундага ээ болушат. Ар күнү таңга маал эсеби толукталып, кечке маал бошоп калат. Артка кайтуу жок. Мына ошол байлыкты бааласаң, куну жок секундаларды маанилүү жашап, берекелүү колдоно билүү керек. Бакыт, ден-соолук жана ийгилик үчүн убакыт зымырап өтүп жатат.

Бир жылдын кадырын сынактан кулаган студенттен;

Бир айдын кадырын мөөнөтүнөн мурда көз жарган аялдан;

Бир жуманын кадырын гезит кабарчысынан;

Бир күндүн кадырын айлыгын күтүп жашаган көп балалуу атадан;

Бир сааттын кадырын сүйүктүүсүн күтүп аткан ашыктан;

Бир мүнөттүн кадырын поездден кеч калган жүргүнчүдөн;

Бир секунддун кадырын кырсыктан аман калган адамдан;

Бир мили секунддун кадырын олимпиадада күмүш медаль алган спортчудан;

Өмүрдүн кадырын оорудан арылбаган жандан сура, - деп бекер айтышпайт тура.

Беш нерсенин кадырын беш нерседен мурда биле жүр дешет.

Карылыктан мурда жаштыктын,

Оорудан мурда саламаттыктын,

Жакырчылыктан мурда барчылыктын,

Бош эмес убакыттан мурда бекерчиликтин,

Өлүмдөн мурда жашоонун кадырын билишибиз керек экен.

## Убакытка жана убадага бекемдик

Мурун саат чыга элек кезде адамдар эмнеге карап убакытты болжошкон? Тарыхка көз чаптырсак, алар күндү карап убакытты билишкен. Бири-бирине почта аркылуу, же болбосо кат жазуу аркылуу жолугушууларды белгилешип, белгиленген убакыттан да эртерээк ошол жерде болуп калган. Ошону менен бирге убадасын так аткарган жана убакытты сарамжалдуу колдонушкан. Ал эми күнүбүздө ар бир үйдө, деги койчу ар бир адамда саат бар. Эмнени болбосун ошол саат менен ченешет. Студенттер сабакта тыныгуунун качан болушун так билет. Эртең менен саатты так убакытка коюу менен ойгонот. Бирок, саатка канчалык так болгону менен, жолугушууга же кандайдыр бир иш-чарага белгиленген мөөнөттөн кечигип барат. Бул көрүнүш эл арасында адатка айланып калгандай.

## Убакытты туура пайдалануу үчүн кеңештер

**1.** Эртең менен эрте турганда күнүмдүк планыңызга бир сыйра көз чаптырып, телефонду өзүңүздөн алыс кармап тамактаныңыз;

**2.** Көңүлүңүз чөгүп турса да, күзгүгө көрүнүп жатканда жылмаюуну адатка айландырыңыз;

**3.** Күндө эң аз 15 мүнөт китеп окуп туруңуз;

**4.** Кечинде дептериңиздин бир бетине ошол күнү сизди кубандырган нерселерди тизмектеп жазып, бир тарабына жагымсыз нерселерди жазыңыз да, канткенде ошол жагымсыз нерселер болбой турганын ойлонуңуз;

**5.** Башкалардын сиз тууралуу кандай ойлогондугуна маани бербеңиз. Маани берсеңиз пайдасыз нерв коротуу менен убакытыңыз текке кетет;

**6.** Жакшы көргөн адамдарыңызга жетиштүү деңгээлде көңүл буруңуз;

**7.** Күнүнө эң аз дегенде 30 мүнөт сейилдеп, таза абада дем алыңыз;

**8.** Мүмкүнчүлүк болсо бош убакыт болгондо улгайган адамдар менен жана кичинекей бөбөктөр менен убакытты өткөрсөңүз, улуулардан акыл-насаат угасыз, бөбөктөрдөн өзгөчө дем, кубат аласыз;

**9.** Интернет сайттарды колдонууда ишиңиз бүтөрү менен көп алаксыбай, компьютерди жабууга аракет жасаңыз;

**10.** Башкаларга жылмаюу тартуулаңыз, достук жылмаюудан башталат;

**11.** Жети өлчөп бир кесиңиз, ар бир чечимди чыгарууда кылдат ойлоп, кабыл алыңыз;

**12.** Таарыныч эч нерсеге татыбайт. Ичи тардык, көрө албастык, карасанатайлык, ушак убакыттын бошко коротулушу;

**13.** Эгер кечинде жагымсыз нерселер оюңуздан кетпей кыйналып жатсаңыз, душка түшүп, бутуңузга байпак кийип жатыңыз. Жатканда 4 секунда дем тартып, ал демди 4 секунда сактап, 4 секундада чыгарып салыңыз. Бул көнүгүүнү 3 жолу кайталап уктасаңыз жаман ойлордон арылып, жакшы уктайсыз.

**14.** Дүйнө жүзүнө белгилүү бизнесмен, психолог жана мульти миллионер – Брайан Трейсинин "Убакытыңды башкар жана натыйжаңды 2 эсе арттыр" (Управляй своим временем и удвой результаты) деген чыгармасын окуп койсоңуз да ашыкча болбойт;

**15.** Адамдар эки нерсенин кадырын билбейт, бири – ден-соолук, экинчиси – убакыт.

### Убакыт тууралуу асыл ойлор

«Бүгүнкү бир саатың эртеңки эки саатка тете." **Томас ФУЛЛЕР**
"Мезгил өзгөрүлөт, биз да өзгөрүлөбүз." **Квинт ГОРАЦИЙ**
"Мезгил өтпөйт, биз өтөбүз." **Пьер РОНСАР**
"Убакыт - улуу мугалим." **Эдмунд БЁРК**

Даярдаган АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Табияттын эл билбеген кооздугун көргөзөбүз

Биздин бүгүнкү каарманыбыз Марат Данилов Кыргызстанда биринчилерден болуп жөө туризмин өнүктүрүү үчүн түзүлгөн "Trekking Union of Kyrgyzstan" уюмун жетектеп келет. Бул уюмдун негизги максаты мекендештерибизди өз өлкөбүздүн табияты менен тааныштыруу жана маданияттуу эс алууга көндүрүү болуп саналат. Марат мырза менен баарлашып отуруп, анын бул иши качан болбосун колдоого арзый турганына күбө болдук



## Бул ойду Норвегиялыктар сунушташкан

Туризмдин велотуризм, ат туризм, рафтинг, сёрфинг деген сыяктуу түрлөрү өтө эле көп. Алардын ичинен биз жөө туризмин тандап алдык. Анткени Кыргызстандын жаратылышы ошого ылайыкташтырылгандай. Мындай туризмдин түпкү тарыхы Норвегиядан башталган. Норвегиялыктар тоо туризмин аябай баалашат. Аларда да биздикиндей уюмдар өтө эле көп, тарыхы да узун. Калкынын кеминде 20 пайызы ушул уюмдарга мүчө. Мындай саякаттоонун түрүн биринчи ошолор сунуштап кетишкен. Бир жылдары Норвегиядан делегаттар келип биздин тоолорду, сууларды, деги эле жаратылышты көрүп, Кыргызстанда жөө туризмдин потенциалы зор экенин айтышкан.

## Биздин максат маданиятуу саякаттоону үйрөтүү

Биздин коомдук уюм 2005-жылы ачылган. Ал убакта 40-50 эле мүчөбүз бар болчу. Азыр болсо алардын саны 500гө жетти. 90 пайызы шаардыктар, же кыргызстандыктар. Биздин базар жергиликтүү элге ылайыкташтырылган. Азыр Кыргызстанда 300 турфирма иштейт. Бирок алар эс алуунун маданиятын үйрөтүшпөйт. Табиятка чыгып эс алгандар эс алган жерин тазалашпайт. Жегени жегендей, ичкени ичкендей калат. Таштандыны тазалап кетмек тургай темтеңдеп өздөрүн араң алып кетишет. Ушундай эс алуунун алдын-алуу үчүн атайын максат койгонбуз. Биздин эрежеге ылайык, турист үйүнөн эмне алып чыкса, келатканда кайра ала келет. Желим бөтөлкөлөрдү жол-белден ыргытып жибербей жок. Ошондон кийин биздин уюмдун мүчөлөрү бир эле тоолордо эмес, көчөгө да таштанды ыргытпай калышты. От жагам деп бакдаракты кыйратып, жаратылышты былдырбөсүн деп атайын туристтик газдарды алганбыз. Аларга тамак жасап, жылынса да болот.

## Кыргызчылык деген бизде жок

Турлар 1,3,5 күндүк деп бөлүнөт. Каалаган адам алына жараша чыга берет. Маселен, Аламедин коктусуна бара турган болсок таңкы 8де чогулуп, чыгып кетебиз. Бизде кыргызчылык жок. 8ден кечикс калып калат. Унаа менен тогуз жарымда жетчү жерге жетип, андан нары жөө 2-3 саат басып шаркыратмага барабыз. Жөө басууда адамдардын алына карайбыз. Алсыздар гиддин көзөмөлүндө болуп, тайпадан калбайт. Жөө туризмдин максаты тек гана жөө басуу эле эмес, жаратылыш көркүнөн пайдалуу энергия алуу жана өз мекениндин жер-сууларын таанып көңүлгө из калтыруу.

## Кыркка жакын коктуларды кыдыртабыз

Акыркы 3 жылда жай, кыш дебей, ар бир аптанын дем алыш күндөрү чыгып калдык. Антпесе, мурда күзгө чейин жүрүш жасап, кышында токтоп калчубуз. Кийин адамдар көнүп калышты. Жадагалса, дайыма таза абага чыгып турганга көнүп алгандарды да кезиктире баштадык. Тамак ашты ар ким өзү ала чыгат. Тамака анчалык деле басым жасабайбыз. Минералдык суу жана тоюмдуу бир тамак болсо болду. Биздин максат этке тоюп алып, чалкалап жатып калуу эмес. Бир күндүк жүрүштө болушунча кооз көз ирмемдерден элес калтыруу, маданияттуу эс алуу. Бизде алып барып келген унаа жана коштоп жүрчү гиддердин кызматы көрсөтүлөт. Жүрүштөрдү көбүнчө Кыргыз Ала-Тоосуна жасайбыз. Бул тоо Чүйдөн тартып Таразга чейин созулуп, Жыламыш, Бир-Булак, Ала-Арча, Кашка-Суу, Сокулук болуп жалпысы 40ка жакын капчыгайды камтыйт. Гиддер атайы окутулат. Кооптуу жерлерди алдын-ала эскертип, ар бир тоонун жыбыт-жылгасын, булуң-буйткасын көрсөтүп турат. Ошондуктан бизде кырсыктап, буту-колун сындырып алгандар учурай элек. Тартипти дагы катуу кармайбыз. Ар бир адам биздин уюмга мүчө болуп жатып алдын-ала түзүлгөн келишимге кол коёт. Ага ылайык адамдар топтон бөлүнүп, же алдыга озуп кете албайт.

## Мүчөлүккө каалаган адам кошулса болот.

Мүчөлүккө жаш курагына же улутуна карабай ала беребиз. Бир гана өздүгүн тактоочу документ керек. Биздин шарттар менен таанышып, анкета толтурган соң, 10 жылга туристтик карточка берилет. Аны чет элдиктер паспорт катары дагы колдонуп кетишет. Кошулуу акысы алгачкы жылы 1 жылга болгону 700 сом болсо, кийинки жылы 600 сомго түшөт. Пенсионерлерге жана студенттерге 400 сом. Ал эми туристтик жабдыктарды ижарага алса болот. Биз андай кызматты да көрсөтүп, арзандатуу менен беребиз. Топто 5 жаштан 70 жашка чейинки түрдүү улуттагы мүчөлөр бар. Каражаттын жоктугуна байланыштуу уюмду жакшылап жарнама кыла элекпиз. Элдер интернет аркылуу таап, бири-биринен угуп келет.

## Жети кереметти жети дубандан тапса болот

Дүйнө жүзүнө чыгалы деген максатыбыз жок. Негизгиси Кыргызстандын бардык аймактарын камтысак дейбиз. Оштун эли Талас жери менен, таластыктар Ош менен кенен таанышса дейбиз. Минималдуу сумма менен Кыргызстандын жети аймагын кыдырып чыкса болгудай шарттарды түзүүнүн аракетиндебиз. Ички туризм акырындап өнүгүп келе жатат. Бирок саналуу гана жерлерге басым жасалууда. Мисалы, туристтер Сары-Челек, Соң-Көл, Ысык-Көлгө эле бара беришет. Бирок андан башка дагы канчалаган көлдөр бар? Кыргызстанда жалпысынан 2000ге жакын майда көл бар. Жадагалса, айрымдарына адам буту басып бара элек. Биз дагы Сары-Челекке жүрүш жасайбыз. Негизи башкалар ал жерде бир эле көлгө бара беришет. Биз болсо анын айланасындагы башкалар билбеген Ийри, Бакалы деген майда көлдөрдү көргөнгө көбүрөөк кызыгабыз. Тур 3 күндүк болот. Ар бир майда көлгө бир күндөн түнөп чыгабыз. Турдун барган сайын кызыгы арта берет. Жапайы жаныбарлар, жаратылыштын ажайып түркүндүгү адамды бат эле өзүнө арбап алат. Ошондуктан жол-белден кайтам деп баш тарткандар болбойт. Тескерисинче патриоттук сезимдер ойгонуп, жаратылышка, жан-жаныбарларга аяр мамиле кыла баштайт.

Норвегияда тоо туризми мыкты өнүккөн. Алар саякаттаганда биздегидей палатка, оокат-ашын кошо көтөрүп жүрбөйт. Мисалы ар бир турист барчу кооз жерге атайы чакан үйлөр курулуп, тамак-ашынан тарта, жабдыктарына чейин даяр турат. Турист эс алууга чыгаарда шаардагы тур агенттерден ошол үйдүн ачкычын көтөрүп барат. Кийин кетип жатып, канча суммада тамактанса, же кандай чыгымдарды кетирсе, аны эсептеп жазып банк аркылуу төлөп коюшат. Алдап коюу, үйдөгү буюмдарды көтөрүп кетмей деген жок.

Даярдаган АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА









# Кызыр менен дос болгондор

Кыдыр алейхисалам ким? Кыргыз элинде жашаган аймагына жараша касиеттүү Кыдыр алейхисалам жөнүндө ар кандай түшүнүктөр, аталыштар бар экендигин угуп-билип жүрөбүз. Мисалы, Теңир-Тоо жергесинде Кыдыр алейсаламды Кызыл думана деп да атап коюшат



Дегеле Кыдыр алейхисалам ким? Мифтик түшүнүкпү же чыныгы реалдуулукпу? Санжыра-санаттарды карап көрсөк, Манас доорунан бери Кызыр алейхисалам, Кырк чилтен деген аталыштагы кайыптан пайда болгон заттар эл кыйналып маселе чече албай турган маалда пайда болуп, туңгуюктан жол таап бергени элдик жомок, дастандарда арбын учурайт.

### Найман көпүрөчү

Улуу аксакалдардын, санжырачылардын айткандарына караганда, Теңир-Тоо жергесинде Кыдыр алейхисалам үч адам менен достошкон экен. Бул достошуу түшүндө аян берүү, капилеттен көрүнүп кетүү сыяктуу баштагы мифтик түшүнүктөрдөн айырмаланып турган. Ал бул жолу достошкон адамдары менен кадыресе сүйлөшүп, аларды ачыктан-ачык колдогону айтылат. Мына ошол үч адамдын бири Найман көпүрөчү, Айтмамбет уста жана Калча баатыр болгонун атамдан угуп, учурунда маани деле бербептирмин. Кийин эс-акылым токтолуп, акыл калчап калган убагымда деле мунун негизги себебин ойлоп, толук жооп таппай келдим. Балким, элдик адамдарды калк арасында Кыдыр даарыган адам катары көрүшкөндүктөн ушундай кеп калганбы? Эмесе уккан кулакта жазык жок дейт, алгы сөз Найман көпүрөчү жөнүндө болсун.

Найман көпүрөчү – болжол менен Теңир-Тоонун өйдөңкү бөлүгүндө, эки Нарын дарыясынын куймасына жакын жайгашкан азыркы Таш-Башат айылында болжол менен 1830-1900 жылдары жашап өткөн адам. Өтө бай болбосо да колунда өзүнө жетерлик мал-жандыгы бар, ар кыл өнөргө кызыккан адам болгон экен. 20-21 жашында Анжиянга каттаган соодагерлер менен мал айдашып барып, ал жактагы элдин жашоо-тиричилиги менен таанышуу максатында Фергана өрөөнүндө калып калат. Ал жактагы элдин эгин эккенин, мөмө-жемиш өстүргөнүн, суунун тартыштыгына карабай бир кулак сууну кандай азап-тозок менен, канчалаган арыктан жетелеп келишкенин көргөндө туулуп-өскөн жериндеги күркүрөгөн өзөн суулардын эч бир пайдасы жок күкүктөп агып кетип жатканын эстейт. Көз алдына дыңы бузулбай жаткан боз адырлар тартылып, ойго батат. Эгин эгип, суу чыгар

Ошентип идиректүү жигит дербиш болуп Ферганаты аралап, эл көрүп, журт кыдырып жүрүп, бир ирет кеч күүгүмдө Арсланбабдын токоюнда эс алып жатып, уктап кетет. Түшүндө Кыдыр алейхисалам: "Тур балам, көкүрөгүң тунук, ичиңде арамдыгың жок таза жан экенсиң. Ылайым ушунуңдан жазба. Билги сезимиң менен Пайгамбарлар түнөп кеткен жерлерди кыдырып, жан дүйнөңдү аруулаптырсың. Эми кыргыз атаң мекендеген Теңир-Тооңо бар, билгениңди өз эмгегиң менен элиңе жеткир. Ак кызматыңды аяба. Көкүрөгү таза болсо да малчылыктан, аңчылыктан башка иш менен алектенбеген түркөй элиңе жаңычылдыкты жеткир. Эгин эгип, суу чыгар. Жол куруп, булактын көзүн ач. Аттан балам!" – деп, аян берет. Арсланбабдын салкын абасынан кере жутуп ойгонгон Найман Кыдыр атанын өзүнө оор жүк аркалаганын туюмунда байкайт. Таразалап ойго батат. "Түштүккө келгени атымды да пулдап, колумдагы таягым менен жонумдагы бир аз азыгымдан башка кудурет жок отурам. Эми ишти эмнеден баштайм? Деги Арсланбаб кайда, Теңир-Тоо кайда?" деп санаа тартат. Ал ушунтип отурганда суу жээктеп оттоп турган көк быштыны бышкырыгы угулат. Караса, бир карыя көк быштынын тизгинин кармап туруптур. "Найман балам, бери бас. Сенин ат-көлүгүңдү, кетмен-чотуңду, жолдук азыгыңды камдап койдум. Экөөбүздүн ортобузда досчулук мамиле калсын. Батамды берейин. Жолуңдан калба, аттан балам!" – дейт да жок болуп кетет. Суу жээктеп оттоп турган көк быштыны кармап, ооздуктап, басмайылын бекитип жатып караса, артылуу турган куржунда байтеше, кол араа, бургу, сойгок, күрөк бар экен. Бир көзүндө талкан, чаначта сүзмө жүрөт. Өзү да эл-жерин сагынып, араң жүргөн Найман ата-бабалардын арбагына багыштап куран окуп, туулган жерине аттанып, кайтып келет.

### Нарынга көпүрө салуу

Чоң Нарын дарыясынын сол жээгиндеги тоо кыркалары тигирээк келип, көп жерлери карагайлуу, бадалдарга жыш болгондуктан мал жайлатканга жайыты тарыраак. Ошондон улам ал жээкте калган эл үчүн жайлоосу да, кыштоосу да кенен, чөбү оттуу оң жээкке малды, көчтү өткөрүү бир топ кыйынчылыктарды туудуруп келген. Эл жылыга аба-ырайына жараша, Нарындын суусу кире электе, музу толук эрий электе кечүү издеп мал кечирип, жүгүн өгүзгө, төөгө артып азап тартып келишкен. Кызырдын сөзү көкүрөгүнө кыттай уюган Найман эли менен кеңешип, биринчи көпүрөсүн Туюк-Булуң жайлоосунун куймасына курду. Экинчи көпүрөсүн болсо жайды-жайлай Ортоктон карагай камдап, кышкысын муздун үстү менен тартып келип, Эки Нарындын куймасынан өйдөрөөк, Чоң Нарындын Куюш аттуу кууш булуңуна жалпы элдин колдоосу менен куруп баштаган. Сыртта бир топ жыл жүрүп, көпүрө куруу, суу чыгаруу иштеринен азыноолак тажрыйба топтоп калган Найман Чоң Нарындын эки жерине үйүрү менен мал, жүгү менен көч өтө тургандай көпүрө салган. Куюштагы көпүрөнүн узундугу 40 метр чамасында болуп, аны куруу ишине эч кандай техникасыз, өзгөчө көп адамдын көмөгүсүз салынды. Бул көпүрөнүн дагы бир өзгөчөлүгү, жергиликтүү карагайларды бир дагы мык какпай, байлоосуз-матоосуз бүткөргөнүндө. Кийин эл оозунда ал көпүрө "Найман көпүрө" аталып, согуштун алдыңкы жылдарына чейин пайдаланылган. Тап күрөшү жүрүп турган мезгилде басмачылардын жолу дешип орус отряддары көпүрөнү бузуп салууга аракет кылышкан. Бирок ошого карабай жергиликтүү калк күнүмдүк жашоосу үчүн аба менен суудай зарыл турган бул көпүрөнү кайра оңдоп-түзөп, пайдалана беришкен.

1940-жылдардын башында Найман көпүрөдөн эки жүз метр өйдөрөөк жаңы көпүрө курулуп, Нарын – Эки Нарын жолу салынган. Ошондо көпүрө курулушу боюнча Москвадан келген кесипкөй адистер Найман көпүрөнү өз көздөрү менен көрүп, анын сыйымдуулугун, жүк көтөрүмдүүлүгүн, узундуктагы салмакты кармоо мүмкүнчүлүктөрүн көрүп таң калышып, анын архитектуралык, техникалык так эсептөөлөрүнө өзгөчө тан беришкен.

### Эшектин эки капталына кум артып

Кызыл даарыган Найман ата ошол 1890-жылдары Нарын өрөөнүнөн Тарагайга кеткен жердеги жалама жарды кетмен, чукулдук менен кыя кесип, жол чапкан. Жол суу деңгээлинен 40-50 метр бийиктикте туруп, узундугу 60-70 метрди түзөт. Андан короо-короо мал, жүгү менен көч өтүп, бүгүнкү күнгө чейин каллка кызмат кылып, азыркыга чейин Кызыл-Жар деп аталып келет.

Мындан сырткары, Найман уста азыркы Таш-Башат айылынын үстүндөгү Кичи-Ортоктон керүүсүнө, Ийри-Суунун белине 100-200 метр ылдый аккан Ийри-Суудан кыялай арык чаап, суу чыгарган. Ийри-Суунун суусу керүүдөн кыйла эле ылдыйыраак жайгашканына карабай, билими болбосо да көкүрөгү тунук баба дыйкан суу алып чыгуу үчүн эшектин эки капталына кум артып көө берип, арык агымынын градусун чыгарчу экен. Качан арык чабылып бүтүп, сууну коё бергенде бир да жерге суу имерилип токтоп калбай, белди көздөй агып чыккан. Кайыңды каналы курулганга чейин айыл эли Найман Арыктын суусу менен аштык айдап келишкен.


### Айтмамбет уста – Арстанбектин комузу

Теңир-Тоодо Кызырдын назары түшкөн, Дөөтү жылоологон дагы бир адам Айтмамбет аттуу уста болгон. Анын ысымы кыргыз жергесинин түндүк чөлкөмүндө гана белгилүү болбостон, зергерчиликтин мекени аталган Иран, Кашкар, Кулжа, Самарканд, Ташкенге чейин белгилүү болгон. Жыгач менен териге жан киргизген өнөрү андан ары өөрчүп, барабара темирди, кымбат баалуу асыл таштарды иштетүүнүн, ширетүүнүн сырларын Кызырдан келген аян аркылуу өздөштүргөн дешет. Жаш кезинде Арстанбектин атасы, жакын досу Буйлаштын өтүнүчү менен анын ак өргөөсүнөн чыгарып алган төрт ууктан жукаланта тилип, аркардын мүйүзүнөн эээрите чаптап, бүктөмө комуз жасап, күү чертүүнүн алгачкы сырларын үйрөткөн. Арстанбектин жашы он-он экиге келип калган кезинде атасынын айылы конуш которуп, Балгартка көчкөндө Буйлаштын токолу шашкалактап жатып комузду ээрдин кашына иле салам деп байкоостон бүктөмө комузду алабаканга илген боюнча журтта калтырып койгон экен. Балгартка үй тигилип, дасторкон жайылып көчкөн эл комуз угууга камданганда издешсе, комуз калып калган болот. Эзели үнүн көтөрүп бийик сүйлөбөгөн Буйлаш бий ачууга ыгуп, токолу менен жигиттерин каарып: "Кыдыр даарыган адам жасаган буюмду уруна албасак, тукум бузулбайбы", – деп сүйлөнүп, жигиттерин аттандырса, эски журтта бакада илинген комуз өзүнчө күүлөнүп, чертилип жатканын көрүшүп, өтө таң калуу менен кайтып келишет. Буйлаш мандайы жарыла аксарбашыл мал айтып, байланбастан союп бата кылып: "Комуздун күүгө келип турушу, Арстанбегимдин өнөр-нускасы учуп кетпей, ырыскыны ыроологону", – деп кубанган экен. Кыргыздын оозеки адабиятында "заманачыл" акындардын өзөгү болгон Арстанбек олуя аяш атасы Айтмамбеттин атайын арнап берген комузу менен 600дөн ашык күүнү жараткан.

*(Уландысы бар)*

АСАНАЛИЕВ ЗАМИР
БГУнун доценти

# Баркталбаган баалуулук



Американын Бостон шаарында дүйнөгө атагы чыккан композитордун концерти аншлаг менен өттү. Билетинин ортточо баасы 100 долларды чапчыган бул концертке дүйнөнүн чар тарабынан келип жатышты. Анын концертине кирүү өзгөчө сыймык эле…

Концерт өткөндөн эки күндөн кийин Вашингтондун ири метролорунун биринин жанында, январдын суук таңында бир адам скрипка ойной баштады. 45 мүнөттүн ичинде 6 чыгарма аткарды. Бул учур эл жумушка кетип жаткан убакыт болгондуктан, 45 мүнөттүн ичинде жанынан миңден ашуу адам өттү. Бирок, ошончо кишинин ичинен алтоо гана ойнолуп жаткан музыкага кызыгып, кулак төшөп калышты. Жыйырмадайы маани деле берген жок. Жөн гана акча таштап кетти. Ошентип скрипкачы керели-кечке 32 доллар тапты. Ошол күнү ошол жерден өткөн миңдеген адамдардын бирөөсү дагы бул адамдын дүйнөдөгү эң белгилүү музыканттардан, эки күн мурун Бостондо жеке концертин койгон Жошуа Белл экенин байкашпады.

Чындыгында, бул атактуу композитордун метродогу оюну "Вашингтон Пост" гезити уюштурган адамдын табигый табитин, кабыл алуусун жана мамилесин текшерүү үчүн жүргүзүлгөн атайын тажрыйба эле. Тажрыйбанын негизги максаты "биз чыныгы сулуулукту, улуулукту, коозлукту дайыма сезе алабызбы, же болгону аты үчүн, даңкы үчүн, белгилүү болгону үчүн гана баа берип, ошого жараша мамиле кылабызбы? Татыктуу нерсеге татыктуу баа берүү үчүн аз да болсо убакыт бөлө алабызбы?" деген суроолорго жооп алуу болчу.

Ошентип тажрыйбанын жыйынтыгы жогоруда белгилүү болду. Көр тирилик деп жүрүп көксөгөн максаттардын канчасы унутулуп, канчасы кыял болуп кала берди экен?… А мүмкүн, бир аз сезимге эркиндик берип, бир аз жан дүйнөбүздүн ырахаты үчүн көзүбүздү кубантып, көңүлүбүздү сергиткен кооздуктарга маани бере жүрсөк, чыныгы баалуулуктар кара жанды карч уруп чуркаткан байлык менен бийликте эмес экенин туяр белек…

Үй-бүлөнүн тынчтыгын чагылдырган эң мыкты сүрөт

Сүрөт тартуу жарышында эң мыкты эки сүрөт тең чыгат. Калыстар үчүн биринен-бири өтүп мааниси да, тартылышы да, боёктордун гармониясы да төп келишкен эки сүрөттүн мыктысын тандоо кыйынга турду. Натыйжада алар талашыптартышып отуруп аягында бир чечимге келишип, сүрөтчүлөргө дагы бир тапшырма беришмек болушту. Тартыла турган сүрөт үй-бүлөдөгү тынчтыкты, улуулукту, ыйыктыкты, кайраттуулукту жана ошол эле учурда мээримди, сүйүүнү чагылдырып турушу керек эле. Ошентип эки сүрөтчү шымалана ишке киришти. Арадан белгиленген убакыт өтүп, экөөнүн чыгармасын сынга койор мезгил да жетип келди.

Биринчи сүрөтчү кооз токойду, шалбалуу талаада жайнаган гүлдөрдү, экиден учкан көпөлөк менен чымчыкты, чаарчыгын эмизип турган эликти жана эки жакты карап сак турган айры мүйүз бугуну, айтор, кандай шарт болсо, ошого толук жооп берген сүрөттү тартыптыр.

Кезек экинчи сүрөтчүгө келет. Бирок, мында таптакыр башка көрүнүш эле. Ошол эле токойдун чети, болгону күндүн көзүн кара булут каптап, чагылган чартылдап жатат. Нөшөрлөп жамгыр төгүп, алай-дүлөй бороон да согуп тургандай. Айтор, бул сүрөттөн аба-ырайы күтүүсүз өзгөрүлүп, токойду карай укмуштуудай алаамат каптап келе жатканы дароо байкалып турат. Болгону, ошол дарактын биринде кичинекей уя жана эки балапанын канатына катып, энелик мээрими менен жылытып турган эне чымчык менен алардын үстүнө канатын жая жаандан коргоп, табияттын татаал сыноосуна туруштук берчүдөй кайраттуу көрүнгөн ата чымчыктын элеси түшүрүлүптүр. Калыстар тобу бул сүрөттү көрүп дуу деш түштү да бир дем менен жогорку упайын тартуулашты.

Айлана – чөйрө тынч, кечээкинин жарасын, эртеңкинин санаасын эске албай, бирин-бири бактылуу жүз менен тосуп, жылмаюу менен узатып турган убакта үй-бүлөөнүн тынчтыгын, ынтымагын сактоо алда канча жеңил. Ал эми айлананы алаамат каптап, тагдырдын катаал шартына тушуккан учурда да салабаттуулугунан жазбай, үй-бүлөнүн саламаттыгын сактап, анын тынчтыгы үчүн жоопкерчилик алып, балдарына татыктуу тарбия берип, үлгү боло алуу – мына анык жоопкерчилик ошол. Себеби, үй – бүлөөнүн улуулугу, ыйыктыгы мына ушундай абалда сыналат эмеспи…

"Турмуш сабактары 4" китебинен алынды.

Даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Жасалма эмес чыныгы адам болууга умтулалы

Бир күнү түн жарымында караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан чечендиги менен элге таанымал даанышмандын эшигин бирөө кагат. Даанышман уйку сурай туруп келип:

– Ким бул? – деп сурайт

– Бул мен, – дейт сырттагы.

– Мен деген ким? – деп кайра сураганда:

– Адам баласымын! – деген жооп болот. Муну уккан даанышман ошол замат сыртка чыгып ал адамды кучактап көпкө турат да, маңдайынан өөп:

– Саламатсыңбы, адам баласы?! Кош келипсиң! Мен силердин тукумуңардан эч ким калбай калганбы деп жүрдүм эле. – деп кош колдоп учурашып үйүнө киргизип кеткен экен.

Бир нерсенин бара-бара азайып, саналуу гана калышы анын баалуулугун арттырып, баркынын көтөрүлүшүнө алып келет тура. Мына ушул XXI кылымда да чыныгы адамдык сапаттар акырындап жоголуп, чыныгы адамдык сапаттарга ээ болгондордун баасы артууда. Ошондуктан сүйүктүү окурман жасалма эмес, чыныгы адам болууга умтулалы.



# Ким болсоң да эң мыктысы бол

Биз бир келүүчү сыноолорго толгон жалган жашоодо кайдадыр шашып, бир нерселерге умтулуп аракет кылып жүргөн учурубуз. Бара турган багытыбыз, жетем деген максаттарыбыз кай бирибиз үчүн белгилүү болсо, кээ бирлеребиз үчүн туман сыяктуу. 15и жарык, 15и караңгы тарткан сыноо жашоодо кээ бирлер тагдырында болуп жаткан иштерге, окуяларга ыраазы болуп жашаса, кээ-бири тагдырына нараазы болуп, жашоодон жок болгусу келет… Бир даанышман адам айткан экен: "Оо адам баласы! Эгер сен көйкөлө өскөн карагай болбосоң, анда талаадагы бадал бол. Бирок ошол жердеги эң мыкты бадал сен болушуң керек. Талаадагы бадал боло албасаң, анда чөп бол! Жолго сулуулук берип, жыпар жытыңды чач. Эгер андай чөп боло албасаң, анда андан башка бирдеме бол! Бирок, ошол болгон нерсеңдин эң жандуусу, эң жагымдуусу сен болушуң керек. Баарыбыз кол башы боло албайбыз. Кай бирибиз катардагы аскер болууга да мажбурбуз. Дүйнөдө баарыбызга жай бар. Чоңбу, кичинеби, айтор, баарыбыз үчүн жумуш бар. Чоң жол болбосоң, кичинекей жол бол, күн болбосоң, жылдыз бол. Эң негизгиси жеңүү, же жеңилип калуу эмес. Сен ким болсоң да ошонун эң мыктысы бол!"

Ооба, кадырлуу окурман "азга чөкпөй, көпкө көппөй", "жашоодогу баардык нерсе жакшылык үчүн" деп бир келүүчү өмүрдө татыктуу жашап өткөнгө аракет кылалы.





XIX кылымдагы кытайлыктардын апийим чеккүчү жайы

# Кытай: I Апийим согушу

Дүйнөдөгү ири мамлекеттер тууралуу жазганыбызда окурманды чочутуу, же тетирисинче, эрдемсинтүү максатыбыз жок. Болгону учурдагы глобалдашкан дүйнө буга чейинки тарыхий окуялардын уландысы экенин гана көргөзгүбүз келет. Өз баалуулуктарына бекем калк чоң-кичине болгонуна карабай, башка улуттарга таасир бергенине бирге назар салалы

### Кытайды башкарам десең...

Кытай тарыхында учурдагы кытайлыктардын 92 пайызын жана дүйнө калкынын 19%ын түзгөн хандар өздөрүнүн мамлекетин башкарган убактар аз эле болгон. Чанда бийлик колуна тийген хандардан турган өкмөттөр тез эле коррупциялашып, жикжикке бөлүнүп, кайра эле түрк, монгол же манжу тектүү элдердин башкаруусуна өткөн. Бирок башына келген бөтөн тектүү элитаны ассимиляциялап, тез эле кандаш жана дилдеш кылып алып турушкан.

Кытайдын акыркы императорлору да хань улутунан эмес. Алар учурдагы саны 11 миллионго жакын манжу тектүү төбөлдөр. XVII кылымда манжулар түзгөн Цин империясы кеңири кулач жайган. 1644-жылы алар Бээжинди басып алып, бир аз убак өткөн соң азыркы Кытайдын аймагын толугу менен өз карамагына киргизген. Манжулардан турган ак сөөктөр кытай башкаруусунун бардык тармактарын көзөмөлдөшкөн жана ар бир кытай шаарында алардын бай жана өзүнчө жайгашкан кварталдары болгон. Цин империясы 1911-жылы кулаганда кытайдын бардык шаарларында бул кварталдар таланып-тонолуп, хандар тарабынан жашоочуларынын бир тобу кырылган. Бирок Цинь империясы ошону менен жок болуп кеткен эмес. Азыркы Тайвань аралы манжу императорлорунун карамагында болуп эсептелет жана кытайдын коммунисттери башкарган Кытай эл республикасынын калкын өзүнүн убактылуу тартып алынган сүйкүмдүү букаралары катары көрөт.

XIX кылымда гана башкарууга аралаша баштаган хандар манжу төбөлдөрүн бат эле сылык-сыпаа коррупциялаштырган. Арам кекиртектикке берилген манжу элитасы алсырап, Кытай батыш коммерциялык компаниялар тарабынан талап-тоноосу үчүн бышып жетилген. Ошентип өндүрүш ыңкылабынан улам тез өнүгө баштаган Европа жана Американын экономикасы кылкылдап кылымдарды карыткан Кытайга сугун арта баштаган.

### Аймагында күн батпаган империя

Бул жерде «компания» деген сөз кандай түшүнүк ташыганы тууралуу учкай сөз кылбасак болбойт. Латынча compania сөзү башында «табакташтар» деген маани ташыган. Кийин азыркы «ишкерлердин соода же өндүрүш үчүн биргелешип түзгөн юридикалык жак» түшүнүгүн алган. Бул компаниялар испан, португал жана англистер, кийин орустар да тарабынан баскынчылык колониалдык саясат жүргүзүү үчүн ишке жарап берген экономикалык, саясий жана аскердик жакшы аспап болгон.

Мисалы XVII кылымда Постмуд жана Лондон компаниялары биргелешип түзгөн «Виржин» компаниясы англис өкмөтүнүн Түндүк Американы колониялаштырууга шарт түзүп берген. Мындай коммерциялык компаниялардын жигердүүлүгүнөн улам, Британия XIX кылымда чын эле «аймагында эч качан күн батпаган» империяга айланган.

Кытай менен соода мамилеси башталгандан бери англичандар соода балансы боюнча кытайларга уттуруп келген. Европада кытайлык товарлар экзотика жана ак сөөктүктүн символу катары каралып, жакшы өткөн. Ошол эле убакта кытай өкмөтү европалык товарлардын өз аймагына кирүүсүнө бөгөт койгон. Жупуну турмушка көнгөн кытайларга англис өндүрүмдөрү кызыксыз да болгон. Бирок Индияны колониялаштырганга эң чоң салым кошуп Британияны эбегейсиз байыткан «Ост-Инд» компаниясы соода чаначынын оозун англистер тарапка оодурганга чара таппкан. Компания 1773-жылдан баштап, Пакистан менен Афганистандын чегинде жайгашкан «алтын жарым айдын» апийимин жалгыз сатуу укугуна ээ болгон. Ост-Инддин жетекчилиги кытай чиновниктерин бат эле колго алып, колдонууга тыюу салынган апийим аткезчилик жолдор менен Кытайга агып кире баштаган.

### Экономикалык куралга айланган апийим

1835-жылы апийим кытай экспортунун 3/4үн түзүп, 2 млн. кытай апийимге байланып калган. 1838-жылы Кытайда 2000 тонна апийим сатылып, ыймандан алыс калган элдин бардык катмары апийим колдоно башташкан. Эң өкүнүчтүүсү биздеги аракка окшоп, борбор калаадагы чиновниктердин 20%ы баңгиге байланса, жер жердеги аткаминерлердин 30%ы нашакор болушкан. Кээ бир мекемелердин 50–60% кызматкерлери апийим колдонушкан. Бул илдет аскер тайпасын да кеңири каптаган. Кытайдын айылдарынын дээрлик бардыгында апийим саткан күркөлөр пайда болуп, акыры кытайлыктардын соода бирдиги болгон күмүш акчалар англис көпөстөрүнүн колуна өтүп, өлкөнүн көп аймактарында соода тил кат менен жүрө баштаган.

400 миллиондон ашык калкы бар Кытай алкымына алы жетпеген англис соодагерлеринин көзүн кызарткандан-кызарта берген. Бул ишкерлерден турган күчтүү лобби Кытай чек араларын өз товарларына ачыш үчүн Британ парламентине басым кыла башташкан. Алар акчанын күчү менен саясатчыларга «Кытай маселесин» керек болсо күч менен чечүү керектигин кабыл алдырышкан. Бул ишти жеңилдетүү үчүн Ост-Инд компаниясынын гуанжоулук кеңеши куралдуу күч менен басып алуу үчүн Кытайдын жабык деңиз портторунун карталарын чийип чыккан. 1837-жылдан баштап Англия Кытайдын жээктерине бирин-серин согуштук кемелерин жакындата баштаган. Ошол убактан баштап кытайлыктар менен кагылышуу үчүн англистерге ыңгайлуу шылтоо гана керек болуп калган.

### I Апийим согушунун башталышы

Кытай императорунун Гуанжодогу атайын өкүлү Линь Цзесүйдүн ыкчам аракеттери англистер үчүн шылтоого шыноо болуп берген. Ал апийимден жабыркаган элин кыйроодон сактап калуу үчүн Кытайдагы баңгини толугу менен жок кылып, башкасын киргиздирбөөнү чечкен. 1839-жылдын март айында Линь англис менен америкалыктардан кампаларындагы апийимди өткөрүп берүүсүн талап кылган. Соодагерлер бул талапты аткаруудан баш тартканда, ал чет өлкөлүктөр жайгашкан аймакты курчоого алып, кытай жумушчуларды ал жерден чыгарган. Апийим менен шугулданган көпөстөр менен аларды коргоо үчүн жөнөтүлгөн аскер башчы 21 000 жашик апийимди кытай бийлигине өткөрүп берүүгө мажбур болгон. Бул баңгинин баары жок кылынган. Кытайларга баш ийбеген чет элдиктерге шарттар улам катуулап, алар акыры өз кемелерине сүрүлүп чыгарылган. Соодасы токтоп калган англис көпөстөдүн көбү апийимден баш тартуу тууралуу тил каттарын жазып бере башташкан.

Бул жетишкендикке манчыркаган кытай императору Англия менен Индиядан келген бардык көпөстөрдүн кемелери менен товарларын Гуанжодон чыгарткан. Лондондогу күчтүү апийим лоббиси 1840-жылы британ өкмөтүн Кытайга каршы согуш жарыялоого түрткөн. Ушул жылдын апрель айында 4 миңге жакын аскер ташыган 40 кеме Индиядан Кытайды көздөй сапар алган. Американын ал кездеги президенти бул согушту адилеттүү деп жарыялаган.

### Согуштун жүрүшү жана аякташы

Анлистер тарабынан бул согуштун чыгымдары ийне жибине чейин эсептелген. Себеби аны баштагандар жакшы коммерсант болушкан. Ошондуктан чыгымдар жүз эселеп акталышы керек эле. Бул себептен улам британдыктар тикелей согушка кирбестен технологиясы арттa калган кытай кемелерин заманбап кемелеринин пушкаларынан таш-талканын чыгара аткылашкан. Эң негизги кытай деңиз портторун да кемелерден тып-тыйпылып кылышкан. Алардын күчүн көргөн кытай аскерлеринин жүрөктөрү кабынан чыгып кете жаздап, качууга мажбур болушкан. Англистер Бээжинге азык-түлүк алып барган бардык жолдорду бөгөшкөн. Алапайын таппай калган кытай императору британдыктарга элчинин аркасынан элчи жибере баштаган.

Акыры 1842-жылдын 29-августунда тынчтык келишим түзүлгөн. Цин империясы 15 000 000 күмүш лян (21 000 000 доллар) кун төлөп, Англияга Гонконгду берип, британдык көпөстөргө бардык портторун ачкан. Ошентип императорунун Гуанжодогу атайын өкүлү Линь Цзесүй бардыгына күнөөлүү деп табылып, макамынан сүрүлүп, апийим соодасына уруксат берилген. Карапайым элдин арасына баңгилик катуу тарап, алардын айбандашып кырылуусуна жол ачкан.

*PS. Кытай жакында экономикалык кызыкчылыктарын коргоо үчүн тарыхында биринчи жолу чет өлкөдө, т.а. Африкада аскердик база ачты. Келме кезек, терме тезек дейин десең, баягы эле кесепеттер – ич ара келишпестик, коррупция жана баңгилик кытай коомунда кайра күч алып баруда...*

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

**Эки тараптын куралдуу күчтөрү**

**Кытай:**



«Сегиз байрактуу армиясынын» 220 000 манжу аскер




«Жашыл байрактуу армиясынын» 660 000 хань аскер


**Англия:**



Королдук ирланд полкторунун 3014 аскери



Индиядан 1080 жалданма аскер



# Көктөмдөгү көк бөрү

"Аккула" ат майданында көптөн күткөн көк бөрү боюнча мелдештер старт алды. Быйылкы сезондун ачылышында жылдагыдан айырмаланып командаларда бир топ өзгөрүүлөр болгону байкалды. Мына ушул Нооруз турнирине карата уюшулган көк бөрү боюнча кеп учугун уламакчыбыз

Көктөмдөгү улуу майрамдын урматына уюшулган көк бөрү боюнча "Нооруз – 2016" мелдешине жалпысынан 16 команда катышары белгилүү болду. Алардын ичинен "Сары-Өзөн", "Талас", "Бөрүлү", "Достук", "МВД", "Ак-Суу", "Көк-Жал", "Ак-Талаа", "Ысык-Көл", "Ак-Кула", "Казарман" командалары рейтинги бар командалар болуп эсептелгендиктен алар тандоо туруна катышкан жок. Ал эми рейтинги жок жаңы түптөлгөн жети команданын арасынан жеңген төрт команда турнирге катышууга мүмкүнчүлүк алары белгилүү болгон. Ошентип көк бөрү быйылкы сезонунун ачылышы 13-мартта өткөн тандоо туру менен башталды. Тандоо туруна 7 команда ат салышты. Алар: "Арашан", "Төш-Булак", "Суусамыр", "Нарын", "Илбирс", "Талас жаштары", "Кара-Балта" командалары. Бул күнкү жыйынтык боюнча "Кара-Балта", "Төш-Булак", "Илбирс", "Талас жаштары", "Нарын", "Арашан" командалары турнирге катышууга мүмкүнчүлүк алышты.

## Күйөрмандар үчүн күтүүсүз жаңылыктар

14-март күнү көк бөрү федерациясы командалар ортосунда чүчү кулак өткөрүп кайсы командалар ат салышаары тууралуу маалыматтарды берди. Чүчү кулак төмөндөгүдөй жыйынтыкты берди:

Ал ортодо көк бөрү федерациясы "Сары-Өзөн" командасынын көрүнүктүү оюнчусу Рустам Тыналиевдин Чолпон-Атада өткөн Асанбек Көлбаевдин турниринде калыска кол көтөргөн маселесин карады. Федерация жетекчилиги кабыл алган чечим боюнча Рустам Тыналиев 1 жылга расмий оюндарга катышпаары белгилүү болду. Албетте бул чечим 2015-жылдын мыкты улакчысы болгон Рустам Тыналиевдин жана "Сары-Өзөн" командасынын күйөрмандарынын нааразычылыгын жаратпай койгон жок. Күйөрмандардын көпчүлүгү Рустам Тыналиев мыкты оюнчу, аны оюндан четтетүү акыйкатсыз чечим деген пикирде. Ал эми бул тууралуу федерациянын өкүлү Султан Бекташев мырза: "Рустам Тыналиев мыкты оюнчу экенин танбайбыз. Бирок анын калыска кол кайрыганына кол куушуруп коё албайбыз. Жобо боюнча Рустам Тыналиев оюндан 2 жылга четтетилиши керек болчу. Биз Рустам Тыналиевдин мыкты оюнчу экендигин эске алуу менен аны 1 жылга расмий оюндардан четтеттик. Бул чечим башка командалардын оюнчулары үчүн да сабак болот", – деп билдирип өттү.

## 15-март күндүн жылдыздары «Талас Жаштары» командасы

Бул күнү чүчү кулак боюнча "Бөрүлү" жана "Көк-Жал" командалары оюнга кирди. Бирок, "Бөрүлү" жылдагыдан айырмаланып күйөрмандары күткөндөй оюн көргөзө алган жок. Команданын мындай абалын көпчүлүк "Бөрүлүнүн" көрүнүктүү оюнчусу Улан Насакеевдин быйыл курамда жоктугу жана аттардын алсыздыгы менен байланыштырды. Натыйжада, "Бөрүлү" менен "Көк-Жал" оюну 0:0 эсебинде аяктагандыктан эреже боюнча дагы кошумча 10 мүнөт беришти. Бирок бул убакыт аралыгында да эсеп жаңырбагандыктан, буллит өткөрүлдү. Буллитте "Бөрүлү" командасы "Көк-Жал" командасын 2:1 эсебинде утту. "Бөрүлүнүн" куржунуна 2 улакты Борбиев Нургазы жана Амантур аттуу улакчылар салып берди.

Экинчи оюн "Сары-Өзөн" жана "Илбирс" командаларынын ортосунда өтүп, оюн башталганда эле "Сары-Өзөн" командасынын быйыл мыкты даярдыкта келгени байкалбай койгон жок. Буга 16:1 эсебинде "Сары-Өзөндүн" пайдасына чечилген жыйынтык далил боло алат. "Сары-Өзөндөн" Рустам Тыналиев четтетилгенде көпчүлүк күйөрмандар "Сары-Өзөндүн" Ноорузда чемпион болууга мүмкүнчүлүгү азайды деген пикирде болчу. Бирок бул оюнда "Сары-Өзөнгө" "Бөрүлү" командасынан жаңы келип кошулган Улан Насакеевдин оюну көпчүлүктүн купулуна толуп, "Сары-Өзөн" быйыл табында экен деген пикирде калышты. Бул албетте "Сары-Өзөн" Ноорузда чемпион болууга талапкер командалардын бири болот деген үмүт отун жандырды.

Үчүнчү оюн жаш командалар болгон "Төш-Булак" жана "Ак-Суу" командаларынын ортосунда өтүп, 3:0 эсебинде "Ак-Суу" командасынын жеңиши менен аяктады.

Бул күнү акыркылардан болуп оюнга "Талас жаштары" жана "Кара-Балта" командалары киришти. 1-тайм жогорудагы башка оюндарга салыштырмалуу атаандаштардын айыгышкан кармашы менен курч мүнөздө өтүп жатты. "Кара-Балта" командасы атаандашына татыктуу туруштук берүү менен өз тайказанына улак салууга мүмкүнчүлүк берген жок. Бирок 2-таймдан тарта "Кара-Балта" баштагы дымагынан тайып "Талас жаштары" командасына 2 улак салдырып жиберди. 3-таймда да "Талас жаштары" командасы 1 улак салууга үлгүрдү. Ошентип 3:0 эсебинде бүткөн оюн "Талас жаштары" командасынын жеңиши менен аяктады. Бул жыйынтыктан соң "Талас жаштары" келечекте потенциалдуу командалардын бирине айланат го деген пикир пайда болду.

## 16-март: «Талас» күндүн бомбардири

16-март күнкү оюнду көпчүлүк улак ышкыбоздору чыдамсыздык менен күттү. Себеби бул күнү алдыңкы үчтүктү түзгөн "Достук" жана "Талас" командаларынын кандай даярдыкта келгенин байкоого мүмкүнчүлүк болмок. Күтүлгөндөй эле ат майданга толо келген күйөрмандардын көптүгү бул күнү кызык оюндар болорунан кабар берип турду. Ошентип майданга алгачкылардан болуп "Достук" жана Ак-Талаа районунан келген "Соң-Көл" командалары чыкты. Оюн башталган алгачкы таймда эле "Достук" "Соң-Көлдүн" тайказанына удаасы менен 2 улак ыргытуу аркылуу өзүн көргөзө алды. "Соң-Көл" командасынын капитаны Руслан Карагулов канчалык жан үрөбөсүн, "Достуктун" оюнчулары өз тайказандарына бир да улак таштоого мүмкүнчүлүк берген жок. Ошентип оюн 14:0 эсебинде аяктап, эсеп "Достуктун" пайдасына чечилди.

Оюнга экинчилерден болуп Ысык-Көлдөн келген "Желдең" жана "Арашан" командалары кирди. Бул оюнда "Арашан" командасынын оюнчусу Жышан Алсейитов "Желдең" командасынын тайказанына удаасы менен 4 улак салуу аркылуу көрөрмандардын купулуна толо алды десек болот. Ал эми Ысык-Көлдөн келген команда да өз кезегинде татыктуу каршылык көргөзүп жатты. Буга 6:3 эсебинде Арашандын пайдасына чечилген жыйынтык мисал боло алат. Бул күнкү оюндардагы мындай жыйынтык башка оюндарга салыштырмалуу жакшы көрсөткүч десек болот. Анткени "Желдең" командасы башка командалардай ири эсеп менен утулган жок. Улакты узак жылдардан бери алып барып жүргөн кесипкөй комментаторлордун пикиринде "Желдең" командасынын жаңы түптөлүп, тажрыйбасы аз болгону анын жеңишке жетүүсүнө тоскоолдук жаратты.

Үчүнчү оюн Талас жана Нарын командаларынын ортосунда өтүп, оюн 27:0 эсебинде Таластын жеңиши менен аяктады. Мынчалык ири жыйынтык буга чейинки оюндарда болгон эмес. Бул албетте Талас командасынын жылдан-жылга күчтөнүп бараткандыгынан кабар берди. Оюнга кирген учурда эле "Талас" командасынын желдей сызган аргымактары жана ага шай келген оюнчуларынын көргөзгөн оюндарына команданын күйөрмандары кубанса, атаандаштары оңой эмес каршылаш күтүп турганын сезишти десек болот. Ошентип бул күндүн жылдызы "Талас" командасы болду. 16-марттагы акыркы оюн "МВД"жана "Тогуз-Торо" командаларынын ортосунда болуп өттү. Бул оюнда МВД командасынын курамы өзгөргөнүн жана жылдагыдан айырмаланып жакшы тап менен келгенин байкоого мүмкүн болуп турду.

Ошону менен бул күнкү оюндардын көпчүлүгү ири эсептер менен аяктады. 17-март күнү утулган командалар "Көк-Жал", "Төш-Булак", "Илбирс", "Кара-Балта", "Соң-Көл", "Желдең", "Нарын" жана "Тогуз-Торо" өз ара беттешмекчи. Ал эми көктөмдөгү көк бөрүнүн чемпиону кайсы команда болорун убакыт көргөзөт.

РАХАТ АКМАТОВА

# Жолдошум түнкү саат 3тө чай бер дейт



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу 0773-61-54-87 номуруна жибериңиздер!

*Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес*

**1) Намаз окуган такыба адам «мушташка» түшсө болобу? Утуп алган акчасын жакшылыктарга жумшашат экен.**

**Жооп:** Короз уруштуруу, ит талаштыруу, бука сүзүштүрүү, адам мушташтыруунун бардыгы арам.

**2) 17 жаштагы синдим 9 айлыгынан бери эпилепсия оорусу менен ооруп келет. Азыр дарыгерлерге барып дарыланып жүрөт. 3 жыл мурун молдого алып барсак жин кириптир дешкен. Кандай кеңешиңизди берет элеңиз?**

**Жооп:** Жинайдаар молдокелерге кайрылсаңыз жакшы болот. Борбордук мечитте Качкын аба деген бар. Ошого кайрылгыла.

**3) Мен эркек балалуу болгум келет. Шариятта ушундай жолдор барбы?**

**Жооп:** Дуба кылсаң Кудайым кабыл кылса эмне үчүн болбосун. Кытай календары менен уул же кыз төрөсө болот деп айтып жүргөндөрдүн сөзүнө маани берсең, күнөөкөр деле болбойсуң. Аба-ырайын айтып бергендей эле. Алар деле көп жылдык тажрыйбанын негизинде, жаратылыштагы кубулуштарга баа берип айтышат эмеспи.

**4) Фотоаппаратка сүрөткө тартып иштесе болобу?**

**Жооп:** Документтерге сүрөткө түшкөнгө, аны тартканга уруксат бир ооздон берилген. Ал эми олтуруп-туруп эле керээлден-кечке сүрөткө түшө бергенди кадырман аалымдарыбыз жактыра беришкен эмес. Ошондуктан башка кесиптен ырыскыңды таба ала турган болсоң, кесип оодарсаң жакшыраак болот. Бирок, алмаштыруу милдеттүү эмес.

**5) 5 жаштагы кызымдын желкесинде чоң калы бар. Бул нерсени алдырууга шариат уруксат береби?**

**Жооп:** Ден-соолугуна зыяны тийбесе алдыруунун кажети жок. Эгерде ошол нерседен басынып, турмушуна сол таасирин тийгизсе, алдыруу анын ден-соолугуна зыянын тийгизбесе, анда алдырса бир жөн. Шариатта кошумча кал койдурууга тыюу салынган. Ал эми ыңгайсыздык жаратккан нерсени алдырса болот.

**6) Жолдошум жумуштан түнкү саат 2-3тө келет. Таттуу уйкуда жатсаң, тургузуп алып чай даярдатып ичет. Жиним келип зорго даярдап берем. 10 жылдан бери ушул абалда жашап келебиз. Эмне кылсам эми?**

**Жооп:** Күндүзү жакшылап уктап ал дагы, ошол убакытка даяр бол. Ал эмне, жыргаганынан түндө иштеп жатыптырбы? Сени багам деп жүрөт. Достору менен чайханада аш жеп жүрүп келсе, мына ошондо турбай койсоң да макул эле. Илгертеден эр сыйлаган эшикте жатпайт деген кеп бар. Күйөөңө ыңгайланышып жаша. Ага жиниңди келтирбе, махабатыңды ойгот. Жиниңди келтирсең деле, махабат ойготсоң деле баары бир уйкудан туруп жатпайсыңбы? Ар бир нерседен бакыт жасоону үйрөнсөң бактылуу болосуң. Ар ким бактысы үчүн күрөшүүсү керек.

**7) Чубак ажы мен Екатеринбургда иштейм. Биз жакка келип кетүүңүздү көптөн-көп суранат элек?**

**Жооп:** Азырынча ниет кылып турайын. Насип кылса барып каларбыз.

**8) Мүрзөнүн тегерегин мал кирбесин деп 200 метр зым менен тоскон элек. Азыр ал жерге адамдар кирип улак чаап жатат. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Маркумдар көмүлө элек жерге ойносо зыян деле болбойт. Бирок, улакка түшкөн аттар оолугуп, чабандестери андан бетер оолугуп, мазар-мүрзөлөрдүн үстүн каптап кетсе, маркумдарга урматсыздык болуп калат. Жер куруп калгансыбай нарагыраак барып чапса болмок экен...

**9) Мен намаз окуп жатып канча ирекет окуганымды билбей калам. Анан акырында "сажда саху" кылып коём. Негизи кайсыл учурда, кандай абалда "сажда саху" кылынат?**

**Жооп:** Намаз окуп жатканда канча окуп жатканыңызды билбей калсаңыз, болжолдоп таразага салып көрөсүз, болжолуңузда кайсы рекетке жеткениңизди салмактасаңыз, ошол рекеттемин деп эсептеп окуй бересиз. А эгер эки анжы ойдо калсаңыз, мисалы "экинчи рекеттемин же үчүнчү рекеттемин" деген пикир болуп жатса, анда азыраагын карманып окуй бересиз. Демек, ушул маселеде, экинчи рекетте болгондой тариздe намазды окуй бересиз. Бул учурда сажда саху кылынбайт.

Сажда саху намаздагы кайсы бир ваажып калып калса, же кайсы бир парз же рукунду ордунан кечиктирип койсо ваажып болот. Бардык учурда эле, бардык эле адашуу же жаңылануунун баарында эле сажда саху ваажып боло бербейт.

**10) Бийлөө, музыка угуу канчалык күнөө?**

**Жооп:** Бийлеген шариатта жакшы эмес. Музыка угууну да колдобойт шариатыбыз. Айрыкча, кулак-мээни жеген музыкаларга аалымдар бир ооздон каршы.

**11) Жалкоолуктан арылуунун дубасы барбы устаз?**

**Жооп:** Бар. Жалкоолуктан сакта деп эле дуба кыла бересиң. Кудай Таалам тилдердин баарын Өзү жараткан. Ар ким билген тилинде эле дуба кылса жетиштүү болот. Ошондой болсо да араб тилинде, пайгамбарыбыз алайхис салам айткан хадистин текстин, маьсуур дубаны сурасаң аны айтып берейин: Пайгамбарыбыз алайхис салам мына бул дубаны айтуучу эле:

"Аллоохумма, инниии аьуузу бика миналь ьажзи, валь касали, вал жубни, валь (х)арами, валь бухли. Ва аьуузу бика мин ьазаабиль кобри. Ва аьуузу бика мин фитнатил махяа, валь мамаати, ва дзалаьид дайни, ва галабатир рижаали". Бул хадисти Имам Муслим (2706) азирети Анастан риваят кылган.

**12) Бир күндүк намазым каза болуп калса, ошол эле күнү кечинде ошол намаздарымды кыскартып окуймунбу же толукпу?**

**Жооп:** Намаз кандай абалыңда каза болсо, ошол абалдай кылып казасын окуйсуң. Мусаапыр абалыңда бешим намазын каза кылып алсаң, кийин каза кылып жаткан учуруңда касыр окуйсуң. Мукиим абалыңда каза кылып алсаң, каза кылып берген учурда толук окуп бересиң. Каза намазды окуп жаткан учурдагы абалың эске алынбайт. Мисалы, сапарда мусаапыр болуп жүргөн убагыңда, мурда мукиим убагыңда калып кеткен намаздарды толук эле каза кылып окуп бересиң.

**13) Тиштериң орсок болсо, өгөөлөтүп түздөткөнгө болобу?**

**Жооп:** Орсок тиш болсо аны түздөткөнгө болот. Бирок, түз эле тиштерди араалатып, өгөөлөткөнгө шариат тыюу салат.

**14) "Таухид" эмнени түшүндүрөт?**

**Жооп:** Таухид – Аллах Таала жалгыз, шериги жок, ибадаттын бардыгы арналууга татыктуу жападан-жалгыз сыйынылуучу зат деген маанини аңдатуу демек.

**15) Курандын түшүндүрмөсүндө каср намазында жолдун узактыгы 80ден 100 кмге чейин деп жазыптыр. Сиз 90 км депсиз. Айтайын дегеним, биздин айылдан районго чейин 80 км болот, а биз 90 км болуш керек деп, намаздарыбызды кыскартпайбыз. Айтайын дегеним курандагыга амал кылбасам күнөөкөр болбоймунбу?**

**Жооп:** Куранда антип жазылган эмес. Курандын түшүндүрмөсүндө жазылган деп жатпайсызбы. Азыр көп эле илимсиз адамдар Куран которгонду, анын маанилерин жазганды адат кылып алышты. Андыктан андай белгисиз, же туура эмес багыттагы адамдардын сөзүнө маани бербей койгонуңуз туура болот.

**16) Белгилүү жерлерге барып түлөө өткөрүү туурабы? Мисалы, Манастын күмбөзүнө барсак.**

**Жооп:** Ошол жер касиеттүү болгондуктан, ошол жерге барып түлөө өткөрсөк сообу көп болот дешсе, бул учурда андай тариздеги түлөө күнөө болот. Ал эмес ширкке да чыгып кетет. Түлөөнү бардык эле жерде берсе боло берет.

**17) Даават парзбы? Мечитке кирсең эле даaватка чык, дааватка чыкпасаң сен эч ким эмессиң дегени туурабы?**

**Жооп:** Даават парз. Даават – ар бир адам колунан келген нерсеси менен Ислам динине чакыруу, үгүттөө. Даават дааватка чыгуу менен чектелип калбайт.

**18) Каза намаздын ар бирине өзүнчө тасбих айтылабы?**

**Жооп:** Шарт эмес. Айтсаң жакшы болот. Айтпасаң андан намазың бузулбайт.

**19) Көзү өтүп кеткен адамга кандай дуба кылса болот? Бир дуба бар экен, аны 70 миң жолу окуса каза болгон адамдын күнөөлөрү азаят экен.**

**Жооп:** Каалаган дубаңды айтсаң жарай берет. Ал 70 миң окуса дегениң "Лаа илааха иллаллооху Мухаммадур расуулуллоох" деген келиме. Каалаcаң жетимиш миң, каалаcаң жүз миң айтсаң да боло берет. Ушул тариздe баяндаган хадис жок. Кээ бир аалымдардын түшүнө кирип, ошондон улам айтылып калган.

**20) Насвай дааратты бузабы?**

**Жооп:** Насвай, тамеки дааратты сындырбайт. Дааратты сындыруучулар белгилүү:

Эки жолдон келген нерсенин баары даааратты сындырат. Чоң заара, кичи заара, ошол жерден чыккан кан. Арттан чыккан жел. Ал эми алды жактан келген жел даааратты сындырбайт.

Эки жолдон башка жерден келген ар бир нажас нерсе даааратты сындырат. Мисалы, кан, ириң. Демек, мурундун кан аралашпаган чимкириги, эненин сүтү, көз жаш сыяктуулар даааратты сындырбайт.

Таптакыр кан көрбөй төрөө да даааратты бузат. Эгерде кан көрө турган болсо, анда нифас каны деп эсептелип, ал жунубтукка алып келип, гусулду бузат.

Оозу толо кан, же тамак, же сары суу кусса бузулат. Бир азыраак кусса бузулбайт.

Түкүрүккө кан аралаш келип, кан теңметең, же басымдуулук кылса даааратты бузат. Басымдуулук кыла албаса даааратты бузбайт.

Жамбашы жерге бекем турбай туруп уктоо даааратты бузат.

Жамбашы жерге бекем болуп уктап жатып, жамбашы көтөрүлүп кеткенге чейин ойгонбой тура турган болсо да даараты сынат.

Эси оош калуу сындырат.

Жинди болуп, эси кетип калуусу да даааратты сындырат.

Мас болуп калуу да даааратты сындырат.

Балагатка жеткен, акыл-эстүү адамдын сажда-рукусу бар намаздын ичинде каткырып күлүүсү да даааратты бузат. Бул каткырып күлүү намазды да бузат. Сажда-рукусу жок жаназа намазда жана рукусу жок тилаават саждасында даааратты бузбайт, бирок намазды жана сажданы бузат.

Эркектин козголгон абалга келген жыныстык мүчөсү жылаңач абалда аялдын жылаңач жыныс мүчөсүнө тийсе, жыныстык мамиле болбосо да даааратты сындырат. Антkeни мындай учурда эркектин да аялдын да жыныс мүчөлөрүнөн мазий (делебеси козголгондо адегенде чыгуучу жылбышкак ак суюктук) чыгат. Бул мазий уруктуктан мурда чыгат. Ал эми уруктук чыгып кетсе анда гусул ваажып болуп калат.

Мына ушул жогоруда келгендерден башка нерселер даааратты сындырбайт. Анткени, ибадат өкүмдөрү "тавкиифий өкүмдөр", б.а. Куран жана хадистин тексттеринен чыккан, адамдын акылы менен чечилбей турган маселелердин катарына кирет.

Тамеки жана насывай, ошондой эле эшектин тезеги да даааратты сындырбайт. Кээ бир сөздү туура түшүнбөгөн адамдарга тамеки жана насвай даааратты сындырбайт десең, "тамеки менен насвайды чексе боло берет экен да" деп айтышат. Ошондуктан, эшектин тезеги да даааратты сындырбайт деп айтканды макул көрүп айтабыз. Ким даааратты сындырбаса эле чексе боло берет десе, анда эшектин тезегин да умачтап жей берсин. Албетте эшектин, эти да, сүтү да, анын тезеги да арам.

**21) Тахажуд намазы канча ирекет окулат?**

**Жооп:** Бир салам менен эки рекеттен, төрт рекеттен сегиз рекетке чейин окула берет. Төрт рекеттен окуганың жакшыраак.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Жүндүү коңуздун сөөгү

Кумурзстандык Карпик кечээ Ысык Тамчынын жанынан укмуштуудай зор сөөк таап алды. Негизи ал бул жакка битин жайып күнүгө эле келчү. Бирок, кечээ келгенинде бул жердеги дүңкүйүп турган жарча кулап, ичинен агарган бир нерсе чыгып калыптыр. Бул эмнеси деп жакын барса, кандайдыр бир сөөк жаткан экен. Ошондон аны үйүндөгүлөргө көргөзгүсү келип сууруп кетмей болду. Бирок, тырмаландап тартып көрдү, тиши менен сүйрөп көрдү. Сөөк былк эткен жок. Акыры айласы кеткен Карпик атасына айтып көрмөй болуп уясына жөнөдү.

Барса атасы Марпик уянын башына чыгып алып талааны карап отуруптур.

- Ата эмне кылып атасыз? – деди Карпик таң калып.

- Талааны карап атам, балам, - деди атасы.

- Эмнеге?

- Аа... жөн эле...

Карпик да бир саам талааны карады да, кайра суроо салды.

- Ата мен бир нерсе таап алдым.

- Эмне таап алдың? Атасынын көздөрү жайнап кетти. Эмне таап алганын биле элегине карабай, өлөр-тирилерин көзгө илбей жерге секирип түштү.

- Эмне таап алдың балам? Бол айтчы.

- Сөөк таап алдым.

- Сөөк? Эмне сөөк? Алтын сөөкпү?

- Жок.

- Ии, күмүш сөөк бекен?

- Жок ата. Жөн эле сөөк.

- Жөн эле сөөк дейсиңби? Эмне кадимки эле сөөкпү?

- Ооба. Кадимки эле сөөк.

Атанын шаабайы сууй түштү да кайра уянын башын көздөй жөнөдү.

- Сөөк таптым деп да кумурска сүйүнөбү? Мен муну бир нерсе тапкан экен десе. Же эмне мени балтек деп ойлодуңбу? Бар ошого айт сүйүнчүңдү, - деп күңкүлдөп баратты ал.

- Жо, ата. Ал жөн сөөк эмес. Укмуштуудай чооң сөөк.

- Ии. Алып кел анда. Балтек айылдын балтектерин конокко чакырам деп атты эле. Ошого пайдасы тиер.

- Жок ата. Уксаңыз мени. Андай сөөк жок бул жакта.

Эптеп уянын башына чыгып жайланыша отурган атасы уулун шашылбай карады да чыйт түкүрүп нары карап отуруп алды.

- Ал сөөктүн бир эле мүйүзү сиз менен тең, - деди Карпик. Атасы аны карап да койгон жок.

- Ата дейм, жүрүсөңүз. Андай сөөктү эч ким көрө элек.

- Койчу балам. Бошобой атам мен.

- Эмне кылып атасыз?

- Көрүп атпайсыңбы, уянын башында отурам.

- Эмнеге отурасыз?

- Талааны карап атам.

- Эмнеге?

- Копурай. Эмнеге отурганымды жана эле сурабадың беле?

- Ооба. Бирок жөн эле отурам дебедиңизби.

- Ооба. А эмне жөн эле отурсам болбойбу?! – деп акырая карады атасы.

- Жүрүңүз андан көрө тиги сөөктү карап келели.

- Эй, эмне эле деп атасың? «Сөөк сөөк» деп эле кайра-кайра. Тим эле мамкурттун сөөгүн таап алгансып мээни чагасың да кечке!

- Мамкурт дейсизби? Чын эле ал мамкурттун сөөгү болуш керек?

- Э, кайдагыны айтпачы.

- Чын ата. Ал мамкурттун сөөгү.

- Эмне жүнү чыгып калыптырбы?

- Жок эй ата! Тумшугунан кош мүйүз чыгып турат.

- Эми айланайын кош мүйүз болсо эле мамкурт болуп калабы? Балким бирөө жөргөмүштүн башына кабыргасын сайып кеткендир.


- Жок ал сайылган эмес. Биригип турат.

- Анда жерде жата берип тиши өсүп кеткен го.

- Коюңузчу эми ата. Ошондой болмок беле?

- Эми балким дейм. Болот да ошондой деле.

- Болбойт ата. Жерде жатып тиши өсмөк беле.



- Омей. Эмнеге өспөйт? Тигине чөптүн тамырлары деле өсүп атпайбы.

- Ой, ата, оой. Бул сөөк ата, сөөк.

- Эми сөөк деле топуракка айланып анан кайра чөпкө айланып атпайбы. Балким ал түз эле чөпкө айланып кеткендир.

- Эми ушу мамкурт экенин моюнга албаш үчүн бардык калпты айтып чыгасызбы?

- Жо, анан сеники туурабы? Кантип эле ошол мамкурт ушул жерде болсун? Же эмне сени издеп келди дейсиңби? Башка барчу жери жок болсо да эмне болуптур, копурай! Атайын алыстан келип, Карпик төрөлүп бит жайып келгиче жата турайын деп жашынып жаткан го анда.

- Эми келсе келгендир да. Балким ушул жакта жашагандыр.

- Ии, ооба. Жашай элек мамкурт эле калды. Тим эле ошол талаага сен эле чыгып жүргөнсүйсүң. Мамкурт болсо мен деле көрөт элем да. Башка кумурскалар деле көрмөк. Жок, эч кимге көрүнбөй жатып эле сага чыга калганы кызык.

- Ой, ата! Ансыз деле жөн эле отурасыз го. Жүрүңүзчү эми көрүп келели.

- Иий-ий, тажаттың го. Кайдагы сөөккө кызыгып.

- Жүрүңүз эми.

- Э жүрүчү деги! Бас!

Ошентип Карпик атасы Марпик экөө баягы сөөк турган жерге барышты. Бирок, жолду катар уулуна күңкүлдөп, наапазы болуп барган Марпик жетчү жерге жетери менен жаагы басылды.

- Омээй, бул чын эле мамкурт го, - деди ал чү дегенде эле.

- Көрдүңүзбү, айтсам ишенбейсиз.

- Коё турчу эми кайра-кайра такалабай. Кел андан көрө балта, күрөк алып кел.

- Эмнеге?

- Кандай эмнеге? Алып кетелиби муну?

- Эмне кылабыз алып кетип?

Марпик нары карап отурган бойдон күңк этти.

- Көп суроо бере бербечи. Мени эмнеге ээрчитип келдиң анда? Тур күрөк, балта алып кел.

- Казабызбы?

- Казабыз да. Берки коңузду да ала кел. Мамкурттун баарын жөө ташый албайбыз. Коңуз менен ташыйлы.

- Ташып алып эмне кылабыз, ата?

- Суроо бербечи дейм. Алып кел.

Марпик уулун үйүн карай кубалап жиберди да, өзү жанталашып колу менен тырмалап сөөктү каза баштады. Мамкурттун сөөгү уясына батабы, батпайбы, пайдасы тиеби, тийбейби ойлогон да жок. Жөн эле үйүнө алып кеткиси келди. Эмне болмок эле? Сындырабы, талкалайбы өз иши. Эптеп үйүнө алып кетсе болду. Башкалар эмне болсо ошол болсун. Бул баары бир алып кетет...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Мастан болсо кылчусун кылып, сыйкырын салган соң, жанагы жерден куюнга аралаш көздөн кайым болуп, кайра көз ачып жумгуча үйүнөн пайда болду. Боорунда тигил бала дагы эле жабышып жүрөт. Болгондо да жанагы жерде экөө кандай отурган болсо, кемпирдин сапырылган кепесинде да так ошондой отуруп калышты.

– Тур нары! – деп кекээрлене сүйлөдү кемпир эми. Анын жана шаарда жүргөндөгү анча-мынча мээрими дароо жок боло түшүптүр. Дагы эле титиреп турган бала аны уккан жокпу, же түшүнгөн жокпу кыскасы болбой эле кучактап отура берди. Ошондо чыдамы кете түшкөн кемпир анын мойнуна ороло кучактаган колун жулкуп чыгарып, нары түртүп жиберди.

– Кечке жабышып аласың да какмар! Муунтуп өлтүрөсүңбү эмне?!

Ушунтип сүйлөнгөнчө этегин кагынып бүкчүңдөп туруп кетти. Бечара бала ошондо гана көзүн ачып айланасын алаңдап карады. Бирок, ал дагы эле тигил мастандан үмүтү үзүлө элек экен.

– Чоң эне биз кайдабыз? Бул эмне болгон кепе? – деп тура калып кемпирден сурады.

– Чокуңа чоң энеминби сага? «Чйонн энйэээ», «чйон энйээ» деп куураттың.

Мастан нары басып баратып оозун кемшиңдетип баланы шылдыңдай сүйлөдү да, казанындагы сорпосунан бир чоң сузуп уурттады. Анан салбыраган жеңи менен оозун аарчып туруп кайра бери бурулду. Ошондогу анын ырайымсыз жүзүн көрүп баланын жүрөгү оозуна кептеле түштү. Жана үйүнүн алдында турганда анын алайган көзүн, коңкойгон мурдун арсайган тиштерин негедир көргөн эмес экен.

– Билип кой баатыр, бул жер сага кепе эмес! А сенин чоң энең болсо, менин караанымa да тең келбейт.

Мындан жакшылык болбосун түшүнгөн бала акырын эки жагын карап, качуунун айласын издей баштады. «Тигине эшик» деди ал. Кемпир нары бурулаары менен шып этип тура калып ошол эшикти карай шуу койду. Кудай жалгап кал! Кепенин оозу ачык туруптур. Шарак эттире ачып бир аттап секирип чыкты. Бирок, бул үй кандайдыр калкып турабы, же бир нерсеге кондуруп койгонбу, айтор жерден жарым кулачтай көтөрүлүп турат экен. Аз жерден кулап түшө жаздап барып секирип кетти. Баса, бала шарак ача бергенде кепе жерден ого бетер көтөрүлө түшкөндөй болду. Бирок, шашкалактаган неме ага көңүл бурган да жок. Кепеден ыргып чыгаары менен алдындагы жалгыз аяк жол менен энтигип чуркап жөнөдү. Улам бир бакты айланып өтүп чуркап баратты. Артын да, алдын да караган жок. Туш келди гана кете берди. Чуркап баратты, чуркап баратты. Аңгыча жепирейген бир үйгө да жете келди. Бирок, негедир ал өтө шектүү көрүндү. Эки жагында эки канаты бар, үстүндө сапсайган камыш өскөн, чатыры, терезеси жок капкара үй экен. Анан калса бала чуркап бараткан жол дагы так ошол кепеге барып түгөнүп калыптыр. Бала эмне кылаарын билбей, элейип туруп калды.

Бир маалда жанагы кепедей үйдүн эшиги кычырап барып кыңая ачылды да, оозунан баягы кемпир көрүндү. Бала ого бетер жүрөгү түшүп шарт артын карай чуркады. Дагы туш келди бактарды айланып, дүпүйгөн карагайларды тегеренип кете берди. Кете берди, кете берди. Мына, дагы бир теректен бурула берди да, сүрдүгүп барып араң токтоду. Алдыда баягы эле үй, баягы эле көрүнүш. Бул жолу кемпир анын келээрин эчак билгенсип эшигин аңырайта ачып коюп бөйрөгүн таянып, талтайып туруптур. Бала эми капталды көздөй чуркады. Эми жолу жок эле бадал-садалды аралап чуркады. Бирок бул жолку кездешүү жанагыдан да тез болду.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



## Азыктар куржуну







Ислам принциптери менен каржылоо боюнча маалымат алгыңыз келеби?



«Исламий чакан каржылоону шыктандыруу» долбоорунун **акысыз** семинарларына катышыңыз!

Тел.: 0707 08 84 43, 0312 88 09 63

Бул долбоор Ислам каржы ассоциациясы менен биргеликте ишке ашууда

## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про" 0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44 Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Тез арада 3 бөлмөлүү батир сатабыз! Аянты 102 чарчы м. Баасы болгону 39 000$ (1 ч.м. = 382$). Базарда мындай баа жок. 0709 799 232

+1С бухчет, секретарь-референт боюнча окууга алабыз. Бөлүп бөлүп төлөсө болот. 0700 200672

Даяр үйлөр. Келишим сом менен. Төлөм 20 айга чейин. Баасы чарчы м.ге 52.000 сом. 0312 896-992, 0 777 390-681

Бишкектен бөлүп төлөө шарты менен 2 бөлмө батир сатып алам. 20 миң доллары нак, калганын келишим боюнча. 0773 05 57 00, 0703 15 08 15

Кожойкелер үчүн миң түрдүү сүлгүлөр: махер, вафель, бет сүртүүчү ж.б. Баасы 200 сомдон башталат (вафел) жана 300 сомдон өйдө (махер) борбордо жеткирүү баасы менен. Борбордон сырткары жеткирүүгө 50-100 сом кошулат. 0 (559) 420 467

Митцубиси Спейс Стар сатылат. 2004-жыл. 1.9 турбодизель. Абалы жакшы. Күмүш түстүү. Баасы 1500$ же 108000 сом. тел: 0773 03 74 77

Бешкүнгөйдөн 8 сотка жер сатылат. Трассадан кийинки 2-көчө. Дача үчүн эң сонун жер! Суроолор боюнча буга чалгыла: 0553622229

1 бөлмөлүү батир ижарага берилет. Эмерек-көчеси менен. Киргизия 2. Айына 12000 сом. 0550 56 66 65, 0777 21 22 22

Алтын ордодон үй сатылат. Жери 4,8 сотка. Баасы 28 000 доллар. 0703 85 30 77

2011-жылкы. 12 000 долларлык KIA OPTIMA V-2 машинасын Ак-Өргө, Ак Ордо, полиция шаарчасы, Арча-Бешик жаңы конуштарындагы жер тилкесине кошумча төлөм менен алмашам. 0557 43 40 01

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**
Байланыш телефону:
0 (703) 73 82 31

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Whatsapp 0773477055

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди жасайбыз. 0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди **«Саресеп»** **гезитине практикага чакырабыз.** Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот. Тел.: 0 703 73 82 31

ЭВАКУАТОР БИШКЕК. 0772 13 62 33, 0700 71 61 44, 0553 80 22 02. 24 СААТ

**Портер такси. 0700 06 80 11, 0709 19 38 38**

Шашылыш түрдө сонун дача сатылат. Беш-Күнгөйдө. 8 сотка. Эки 2 кабаттуу курулушу менен. Жанынан Аламедин суусу агат. Баасы 15,000$. Тел: 0700 70 02 47

Жарыя жарыя, шашылыш түрдө Токмок шаарынан 2 бөлмөлүү батир сатылат. Баасы 15000 доллар. Байланыш телефону 0 772 185786

Саркеч үйдүн 1-кабатынан офис сатылат. Жалпы аянты 126 чарчы м. Ремонт. 4 кабинет, 2 сан үзел. Бизнес үчүн өтө ыңгайлуу. (Тиш доктур, аптека ж.б.) Логвиненко/Жибек Жолу. Баасы: 128 000$. Бир аз соодалашабыз. Тел: 0700 70 02 47

Toyota Land Cruiser 200 сатылат. Ак түстүү. 2009ж., булгаары салон, бардык опциялар, обьем 4.0, араб, абалы жакшы. Алдыңкы жана арткы оптикасы 2013төн ылдый. Бул кыялдагыдай машинаны 23 000$ сатып алса болот. Соодалашабыз. Алмашам десеңер 27000$га бааланат. 0705989808 ватсап, ортомчулар чүкөңөрдү алыс ойногула.

